Мекен таануу сабагында колдонулуучу эн негизги усулдар кайсылар?

Тажрыйбаларды ж\рг\з\\дъ негизинен кайсы усул колдонулат?

Билим бер\\дъ Мекен таануу курсунун башка предметтерден ъзгъчъл\г\ эмнеде?

**Окуу китебинен топурактын жаралышы жөнүндөгүтекстменеништоо.**

**Топурактын пайда болуусу.** Тоо породаларын бузууга жана жумшартууга алып келген сырткы күчтөрдүн таасирин **ш а м а л д а н у у** деп атайт. Шамалдануулар: физикалык, химиялык жана органикалык деп бөлүнөт .

**Физикалык шамалдануу** - шамал, суунун таасири астында тоолордун талкалануусу. Кескин өзгөргөн температурадан (тоо породалары күндүзү ысып кенейет, түнү муздап тарыйт да жарака кетет) жаракалар пайда болуп улам кенейе берет. Чонойгон жаракага суу толуп, суу тонгондо жарака акырындап кенейет, тоо породалары майдаланып өзүнчө бөлүктөргө ажырайт. Жаракаларда майда топурак пайда болот, анда өсүмдүк өсөт [ 5-60]

**Химиялык шамалдануу** – эриген газдар, туздар, кислоталар негизинен суу аркылуу жүрөт. Ар түрдүү эриген заттарды кармаган суу, эритүү, бузуу, химиялык курамын өзгөртүү менен тоо породасына таасир этет. Химиялык процесс женил эрүүчү породаларда акиташтарда, гипстерде тез жүрөт[ 5-60].

**Органикалык шамалдануу** – тирүү организмдердин: бактерия (**чирит\\ч\ бактерия**), өсүмдүктөр жана жаныбарлардын(**съължан)** таасири астында ишке ашуучу химиялык жана физикалык процесстердин комплекси аталат. Мисалы, өсүмдүктөрдүн тамыры тоо породаларын бузуучу жана өзгөртүүчү **кислота** бөлүп чыгарат, ошол эле мезгилде тамырдын көлөмү чоноюпжараканы кенейтет башкача айтканда, породага механикалык таасир берет. Тоо породаларын жумшартууда тирүү организмдердин ролу чон.

Бардык шамалдануу процесстеринин таасири менен кургактыкта пайда болгон борпон катмар - кыртыш деп аталат. Кыртышта шамалдануудан акырындап топурак катмары пайда болот [ 5-60].

- 1-топ: Кандай к\чтърд\ шамалдануу деп атайбыз?

Физикалык шамалдануунун ъзгъчъл\г\ эмнеде?

2-топ: Органикалык шамалдануу деген эмне?

Кыртыш деп эмнени атайбыз?

**Топурактын курамынын түрдүүлүгү эмнеге жараша болот деп ойлойсуңар?**

**Топурактын курамына эмне кирерин билүүүчүн ж\рг\з\л\\ч\ тажрыйба?**

**1-тажрыйба**

Бир стакан суу алып, ага бир аз топурак салабыз. Силер эмне көрдүңөр? (Топурактан аба бүртүкчөлөрүчыгат. ) Кандай жыйынтык чыгарса болот?

**2-тажрыйба**

Бир аз жаңытопуракты отко ысыталы. Топурактын үстүнөмуздакай-нектикармайбыз. Айнектесуутамчысыпайдаболду. **Жыйынтык чыгаргыла.**

**3-тажрыйба**

Топуракты спиртовка менен ысыталы. Эмнени көрдүңөржанасезиптурасыңар? (түтүнжанажагымсызжытпайдаболду). Өсүмдүктөрдүнжанажаныбарлардынкалдыктарынантүзүлгөнчириндикүйгөндөнушун-дайболду. Чириндитопураккакаралжынтүсберет, анынсаныменентопурактын асылдуулугу аныкталат [7-128].

**4-тажрыйба**

Чиринди күйүп, ысыгантопурактысуукуюлганстакангасалуукерек. Бир аз убакыт өткөндөнкийинтүбүнөчопожанакумчөгөт. **Жыйынтык чыгаргыла.**

**5-тажрыйба**

Топурак салынган сууну чыпкалайбыз. Бир нече тамчыны айнекке тамчылатабыз. Айнекти оттун үстүнөкармайбыз. Суубууланып, айнектеактаккалат. Бултуздар. Туздар–өсүмдүктөрдүнөсүшүжанаөнүгүшүүчүнзарылболгоназыктандыруучузаттар. Алартопурактажашаганмикроорганизмдердинтаасириндечириндининнатыйжасындат үзүлөт (Е. А. Бухова, О. В. Солошенко Мекен таануу 3-класс. Б. 2015. 128-б. ).

Топурак. Чиринди. Туздар. Аба. Микроорганизмдер. Суу. Кум. Чопо.

**Видео «Топурактын курамы».**

**Тема боюнча билимин текшер**

**I**. 1. Топурактын асылдуулугун жакшыртууда жаныбарлардын ролу кандай?

2. Топурактагы азыктандыруучу заттардын запасы кандайча толукталат?

3. Бул кубулуштарды турмушта качан жана кантип пайдаланууга болот?

**II**. 1. Жасаган тажрыйбалардан эмнени бил\\гъ жетиштин?

2. Топурак деп эмне аталат? Топурактын курамына эмне кирет?

3. Топурактын асылдуулугу эмнеге жараша болот?

**Жыйынтыктоо:**

Топурак жана анын курамы табияттын закон ченемд\\л\г\нъ ылайык эволюция мезгилинде млрд даган жылдардын ичинде келип чыккан табигый процесс.

**Үй тапшырмасы:** « Топурак» деген темага ангеме т\з\\. Уй шартында съкт\ отко к\йг\з\п кандай ъзгър\\гъ дуушар болгонун, байкагандарын жазып жыйынтык чыгаруу.

Баалоо: баалоо баракчасы аркылуу, сабакка активд\\ катышкандыгына жана тажрыйбаны туура аткарып туура жыйынтык чыгаргандарына карап баалоо.

**Адабияттар:**

1. З. Мамбетова. Мекен таануу предметин окутуу. «Педагогика», Б.: 2003. 96-б.

2. Б. Тыныстанова. Бардыгы сабак жонундо. О.: 2004. 23-б.

3. Т. Султанбаев , Б. Зулуев. Окутуунун интерактивдик усулдары. О.: 2009. 4. К. Нурмаматова. Табият таануунун усулу. Ж.: 2017. 30-бет. 95-96-бет.

5. К. Нурмаматова. Табияттаануунуннегизи. Ж.: 2016. 60-бет.

6. А. Муратов. К. Акматов. Окутуунун жаны технологиялары Б-2017.

7. Е. А. Бухова, О. В. Солошенко Мекен таануу 3-класс. Б. 2015. 128-б.

Интернет: Видео «Топурак».

## КЫРГЫЗДАРДА ООЗЕКИ ЭЛДИК ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ ОСОБЕННОСТИ УСТНОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА У КЫРГЫЗОВ

**Таалайбек кызы Абида - ОшМУ**

Макалада кыргыздардын руханий маданиятынын өзгөчөлүктөрү жана руханий маданияттын өзөгүн түзгөн оозеки элдик чыгармачылык каралды.

**Негизги сөздөр:** маданият, руханий, оозеки, чыгармачылык, эпос.

В статье рассмотрены особенности духовной культуры у кыргызов и создание корней духовной культурыустного народного творчества.

**Ключевые слова:** культура, духовный, устное, творчество, эпос.

Ар бир элдин өткөн тарыхы жана маданияты болору чындык. Тарых - адамзат коомунун жаралышынан тартып, калыптанышы жана өнүгүшүн изилдеп олтуруп ар бир элдин басып өткөн жолу, өткөн жашоо тиричилиги, тагдыры жана азыркы учурдагы абалын да кабарлап турса , ал эми маданият болсо ар түрдүү элдердин рухий жана материалдык казынасынан кабар берери анык.

Маданият деген сөздүн азыркы учурда ар кандай аныктамалары кездешет. Ал эми менин жеке түшүнүгүмдө бул маданият – адам баласынын жашоосундагы ой санаасынын, кыялынын, таалим-тарбиясынын, тиричилигинин, эмгегинин сулуулугун жана жаратылыш менен болгон мамилесин аныктаган түшүнүк.

Мисалы кайсы элдин маданияты менен таанышсак да, биз ошол элдин акыл-эси, рухий өсүш деңгээли боюнча маалымат алган болобуз.

Кыргыз тилинде “маданият” араб сөзүнөн кирген жана ислам доорунан бери эле кенен-кесир колдонулуп келе жатат. Ал эми байыркы эне тилибизде маданият түшүнүгү жалпы мааниде айтылган.

Маданият негизинен рухий жана материалдык болуп экиге бөлүнөт.

Рухий маданиятка адамдардын аң сезими, адеп-ахлагы, дүйнө таанымы, агартуучулугу, тарбия-таалими, укугу, философиясы, жүрүм-туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, аңызы, диний ишеними ушул сыяктуу жана башкалар кирет.

Материалдык маданиятка адам баласынын кол менен жасаган эмгек куралы, кийимдери, үй-жайы, мындайча айтканда, архитектура, дизайн жасалгалары, байланыш, техника, жол байланышы жана башкалар камтылган.

Маданияттын алтын казынасын эл түзөт жана аны кылымдан кылымга сактап келет. Кошумчалай кетчү нерсе бул ишимде көчмөн кыргыздардын маданиятынын өзгөчөлүктөрү анын ичинде оозеки элдик чыгармачылык, оозеки элдик чыгармачылыкка байланыштуу үрп-адаттар, көчмөн элдердин үй-тиричилиги жана кийимдеринин өзгөчөлүктөрү ошондой эле улуттук оюндары жана көңүл ачуулары, үрп -адатка байланыштуу оюн-зооктор жана кыргыз элинин улуттук оюндарынын бири улак тартыш тууралуу сөз болот. Ооба, баарыбызга маалым болгондой, тарыхый булактар далилдегендей кыргыз эли көчмөн элдердин катарын толукташат. Демек, көчмөн эл болгон соң мезгилдерге жараша жайда жайлоого, кышта кыштоого мына ушул сыяктуу жерлерди жердеп көчүп конуп жашап келишкен . Ал эми, эл болуп калыптанган соң “маданияты жок эл болбойт” дегендей, кайда көчүп барып, кайда жашап калса да өздөрүнө тиешелүү бай маданиятты алып жүргөн элдин маданияты жөнүндө сөз кылбасак тойбой да калабыз. Үч миң жылдай жашаган кыргыз элинин эзелтеден материалдык жана рухий маданиятка орошон бай экендигин дүйнөнүн белгилүү окумуштуулары, тарыхчылары кээ бир учурда тарыхчы эмес адистер да кызыгып изилдеп жазып, айтып келишет.

Кыргыз эли өзүнүн миңдеген жылдык тарыхында байыркы улуу көчмөн маданиятынын көрөңгөсүн сактап гана тим болбостон, аны адам рухунун өзүнчө бир бийик сересине көтөрө алган. Мисалы, көз кубанткан Ак өргөбүз-элдин материалдык маданиятынын көөнөрбөс көз мончогу болсо, алп көлөмдүү «Манас» эпосу- элибиздин адамзаттын акыл-эс ааламынын албан бир этабына койгон асылзат эстелиги болуп саналат.

Белгилүү болгондой кеңири аймактарда жашаган кыргыз калкы байыркы замандардан бери дүйнөлүк маданиятка өз салымын кошуп келет. Айрыкча бул көчмөн эл өзүнүн оозеки элдик чыгармачылыктын өзгөчөлүгү, оозеки элдик чыгармачылыкка байланыштуу үрп-адаттары, үй-тиричилиги жана кийимдеринин өзгөчөлүктөрү, улуттук оюндары жана көңүл ачуулары жана ошондой эле үрп -адатка байланыштуу оюн-зооктору менен көп элдин эсинде калат.

Демек, оозеки чыгармачылык боюнча кеп кыла турган болсок. Тээ атадан балага калган санжырадан баштап, жөө жомок, ырлар, элдик ырлар, макал-лакап, жаңылмачтар жана кыргыз эли сыймыктанып келген дүйнөдө көлөмү боюнча биринчи орунда турган “Манас” эпосу боюнча сөзсүз айтуубуз абзел.

Озеки чыгармачылык, демек ооздон оозго айтылып, кыргыз элинин куйма кулак, сөз баккан эл экенинен кабар берет. **Мисалы: “Манас” эпосунун изилдениши.**

Эпостун ичине кирип жазуудан мурун мен “эпос” - деген сөздүн өзүн чечмелеп алууну туура көрдүм. Баарыбызга белгилүү болгондой дүйнөлүк термин катары кабыл алыганы менен бул сөз ар кайсы элде ар түрдүү колдонулуп келет. Ушул күнгө чейин анын так түшүндүрмөсү да бериле элек. Анткени, эпостун жаралышы, калыптанышы, өнүгүшү ар кайсы элде аркандай жол менен өткөн. Ошондон улам, анын негизинде түзүлгөн теориялар да ар башка болуп келген. Ошондой болсо да, илимий аппараттын элементи катары “элдик эпос” деген термин эмнени түшүндүрөт деген суроого жооп издеп көрдүм. Л. Тимофеев менен С. Тураевдин адабият таануу терминдеинин сөздүгүндө, элдик эпос (epos деген байыркы грек сөзү – сөз, кеп, баян дегенди билдирет) – баатырдык эпопея жана мекенчил мазмундагы , тарыхый өзөгү бар, адатта элдик музыкалык аспаптын коштоосу менен элдик ырчылар тарабынан аткарылган ыр. Фольклордун башка жанрларына салыштырмалуу элдик эпос салттуу болуп эсептелинет. Ал өзүнө көлөмдүү окяларды, узак мезгилди жана кеңири мейкин аралыгын, толук кандуу сүрөттөөлөрдү камтыйт. Элдик эпос жеке өзүнө гана таандык саптарга да ээ. Ага сырткы сюжеттүүлүк жана драматизмдин өнүгүшү мүнөздүү. Анткени сюжеттин өзөгүн көпчүлүк учурда согуштук окуялар, элдик баатырлардын душман менен беттешүүсү жана эң соңунда анын душманды жеңүүсү түзөт. Эпостун каарманы – элдик мүнөздүн бардык жакшы сапаттарын өзүнө сиңирип алып жүргөн баатыр, жоокер, ал

эбегейсиз күч кубатка ээ экендиги менен өзгөчөлөнүп турат. Ал өзүнүн эл-жеринин эгемендүүлүгү үчүн күрөшкөн жоокер. Мындай образдар эпосто өтө маанилүү идеялык кызмат аткарат.

Эпос оозеки түрдө жаралып келген (жөө жомок, эпопея, тарыхый ыр, жомок). Эпостун дагы бир негизги өзгөчөлүгү бул анын ыр түрүндө болгондугу. Ошондуктан ага музыкалык ыргак да мүнөздүү. [1]

Ал эми элдик оозеки чыгармачылыктын улуу эстелиги болуп эсептелген “Манас” эпосу оозеки жаралып, кылымдар бою оозеки өнүгүп, оозеки жашап, биздин доорго чейин келип жеткен.

Улуу эпостун айтуучулары, жалпы эле манасчылар чыгармачылыгы жагдайында кеп козголгондо мындан беш жүз жылдай мурда жашап өткөн Токтогул ырчы, үч кылымдай мурда өмүр кечирген Нооруз аттуу адамдардын ысымы аталат. Аларга кошо Жайсаң ырчы, Ырамандын ырчы уулу сыяктуу акын, жомокчулардын даңазалуу атагы сакталып калганы менен, алардын чыгармачылыгы жөнүндө кенен-кесир маалымат жок. Кийинки, өткөн кылымдагы, атактуу манасчылар Келдибек, Балыкооз (Бекмурат), Найманбай, Назар, Телтай, Акылбек, Суранчы, Дыйканбай, Чоңбаш, Чоюкелердин чыгармалары да кагазга түшүрүлүп калбагандыгы манастаануудагы орду толгус чоң өксүк эмеспи.

Ошентсе да, “Манас” эпосу жөнүндө маалыматтар тарыхта сакталып келген. Алардын туу башында 16-кылымга таандык тарыхый эстеликтеги – Молло Сейф ад-Дин Ахсикантинин “Мажму ат-таварих” (“Тарыхтар жыйнагы”) аттуу кол жазма китебиндеги ушул эпоско тиешелүү маалыматтар турат. [2]

Бул кол жазма парсы – тажик тилинде жазылган. Ал эми 90-жылдары эски кол жазмаларды окуп, жарыкка чыгаруу жагынан чоң тажрыйбасы бар, акын жана манастаануучу Омор Сооронов демилге көтөрүп, Молдо Мамасабыр Досбол уулу экөө “Тарыхтардын жыйнагын” парсы тилинен кыргыз тилине которуп, түшүндүрмөлөр менен коштоп, 1996-жылы Бишкекте өзүнчө китеп кылып чыгарышып, атуулдук чоң иш бүткөрүшүп, 5 кылым мурда жазылган, ичинде Манас баяны бар көзгө басар мурасты эне тилибизде окууга окумуштууларга, жалпы окурмандарга мүмкүнчүлүк түзүштү.

Эң кызык жери “ Тарыхтардын жыйнагында” “Манастан” ыр түрүндө да алты сап үзүндү берилген. Анын парсычасы менен да, кыргызчасы менен да таанышып көрөлү:

Парсычасы:
Раван шүт Манас басуйи майдан
Буромат аз адув нолайи афгон.
Жулай чун ба Манас гурзи андохт,
Манас хан найза-и худро равон сохт.
Башиддат жаңхо карда хамон дам,
Ба ях дигар зада найза дамба-дам.
Кыргызчасы:
Манас чыгып майданга
Душмандарды боздотту.
Жолой Манаска найза сайды,
Манас да найзасын сокту.
Ошондо уруш катуу болду,
Бири бирине дамба-дам найза сайышты. [3]

“Тарыхтардын жыйнагынан” кийин 19-кылымдын экинчи жарымына дейре “Манас” эпосу жөнүндө жазма тарыхый булактар азырынча кездешпейт. 1849-жылы орус бийлигинин Жетисуудагы өкүлү, жогорку билимдүү адам барон К. Л. Врангелдин (кээ бир окумуштуулар бу кишини майор Франель деп жаңылыш жазып жүрүшөт) Или суусунун жакасында

[1]Т. А. Бакчиев “Манас таануу” Бишкек - 2012
[2]К. Ботояров “Көөнөргүс мурас” Бишкек - 1996
[3]С. Байгазиев “Манас таануу” Бишкек - 2010

жашаган кыргыздардан Манас жана анын уулу Семетей жөнүндө уламыш сөз жазып алганы тууралуу жазма кабар бар.

19-кылымдын экинчи жарымында “Манас” эпосун эл оозунан жыйнап алууга олуттуу көңүл буруп, бул ишке биринчи жолу илимий негиз салган, жогоруда ысымы аталган казак окумуштуусу Чокон Валиханов болуп саналат. Сибирдеги Омск шаарында кадет корпусун бүтүргөн, 21 жаштагы жаш офицер Чокон Валиханов орус экспедициясына кошулуп, Ала – Тоого келет. Саякатка келген Чокон Валиханов кыргыздардын арасында эки ай болот. Жаш окумуштуу Ысык-Көлдөн элдик чыгармачылыктын көркөм дүйнөсү менен кездешет.

Нечендеген ак таңдай акындар, ырчы – жомокчулар, жаагын жанган санжырачылар менен жолугушат. Өзүнүн кол жазмаларында ошончо таланттардын ичинен Чокон бизге белгисиз Телтай деген акындын гана атын атаган. Телтайдын талантына таң калып, ага “феномен” (укмуш) деп бир сөз менен гана баа берип кеткен. Чокон ошол кезде элге атак-даңкы жайылып, таланты ташкындап турган, атактуу Келдибек манасчыга да жолуккан болуу керек. Бирок, Ч. Валиханов “Манасты” кагазга түшүрүп жатса да, эмгектеринде эмнегедир эч бир башка манасчынын атын атаган эмес.

Мына ошентип, Ысык – Көлдө эки ай жүргөн кезинде, Ч. Валиханов өтө зор кызыгуу менен кыргыздын көптөгөн уламыш – аңгемелерин, ырларын, санжыра-тарыхтарын жана башка көп кыйла фольклордук материалдарды бир нече дептерге жазып алган. Айта кетчү нерсе, ошол дептерлердин бири айтылуу Кененсары Касымовдун 1847-жылы Чүй боорунда кыргыздар менен болгон согушу жөнүндө эл оозунан уккан материалдарга арналыптыр. Ошондой эле Ысык – Көлдүн Түп аймагынан белгисиз манасчыдан жазылып алынган “Көкөтөй хандын ашы” камтылган. “Манастын” бул үзүндүсү бардыгы 3600 ыр саптарынан туруп, араб тамгасы менен калың кагаздуу 47 беттик өзүнчө дептерге жазылган. Чокон Валиханов кагазга түшүргөн “Манастын” ошол тарыхый саптарынан бир түрмөктү окуп таанышып көрөлү. Чокондун баамында, тарыхта биринчи жолу кагазга түшкөн кыргыз ыр сөзү төмөнкүдөй:

Көкөтөйдүн ашы
Алтын ээрдин кашы экен,
Атажурттун башы экен,
Күмүш ээрдин кашы экен,
Түн түшкөн калың көп ногой
Журттун башы экен.
Көкөтөйдүн хандарың
Эми, алдынан өтмөй болуптур:
-Сары ногой баласы
Жайма көкүл Жаш Айдар, чором,
Мааникерди бир мине көр, чором,
Калың бир кара көп ногой, чором,
Башынан элди кире көр, чором.

Үйсүндөрдүн Үмөткө,
Үмөткулу Жайсаңга айт.
Карыны салык бийине айт.
Катта курсак байына айт.
Сары сакал, тик мурут,
Айыр сакал, киш мурут –
Барына бардай айта көр, чором.

Улутубуздун сыймыгы – улуу дастаныбыздын эл оозунан жыйналуу тарыхын ар тарабынан иликтеп терең билүүбүз зарыл. [1]

Кошумча маалымат “Манас”, “Семетей” жана “Сейтек” үчилтигинен турган “Манас” эпосу ЮНЕСКОнун дүйнөлүк мурастар тизмесине кирген. Бул эпос дүйнөдөгү эпостордун

---
[1]С. Байгазиев “Манас таануу” Бишкек – 2010

эң көлөмдүүсү катары белгилүү, жада калса Гомердин да эмгектеринен алда канча чоң. Сюжет боюнча, Ногой хандын көзү өткөндөн кийин басып алуучулар кыргыздарды Ала-Тоодон сүрүп жиберет. Хандын уулу Жакып алтай калмактарына кызмат кылууга аргасыз болот. Абдан чоң эмгек менен ал байлык топтойт, бирок ага мураскор боло турчу уул көп жылдар бою такыр буйрубай коет. Жакып карып калганда гана Манас төрөлөт. Манас чыныгы баатыр болуп чоңоет, бул тууралуу алтайдын калмактары душмандардын башкаруучусуна маалымдашат. Анткени баш ийбеген кыргыз элинин чыныгы баатыры жана лидери өсүп келе жаткан эле. Алгач Нескар деген калмак аскер башчысынын аскери Манасты өлтүрүүгө аракет кылат, бирок Манас бөлүнүп кеткен урууларды бириктирип, аскер башчысын жеңип чыгат. Бул жаш жигиттин келечеги кең болорун көргөн кыргыздар гана эмес, маньчжурлар да, казактар да анын башаты алдында биригет. Андан кийин Манастын, анын жан-жөкөрлөрүнүн эрдиктери баяндалат. Ар бир Манастын жан-жөкөрү өзгөчө бир орунга ээ. “Манас” эпосу дүйнөдөгү эң чоң эпос болгондуктан, аны эки ооз сөз менен айтып берүү мүмкүн эмес. Кыргыздардын бардык эпосторундагы каармандарынын эрдиктерин чогултканда да Манастын жасаган эрдиктери алда-канча көбүрөөк. Ал чыныгы душмандар менен күрөшкөн, бирок сыйкырдын да бул эпосто өз орду бар: Алмамбет тоо periси Аруукеге үйлөнөт. Манастын жубайы Бухара ханынын кызы Каныкей болот. Каныкейде сулуулук менен бирге эле өз ою да, күч десең күч, акыл десең акыл болгон. Дал ушул Каныкей өмүрлүк жолдошунун коюлган жерин душмандардын көзүнөн бапестеп даярдап, сактап жана катып койгон. “Манаста” мурунку эпостордогу ыкмалар колдонулган: башында ал эли үчүн аракет кылган жалгыз каарман жоокер, кийин элине өз мекенин кайтарып берген улуу баатыр болгон. Бул эпосто чыккынчылыкты даярдап жүргөн чет жакалык душмандар, көрө албаган туугандар, баарыдын күчүн баскысы келген жалганчы достор жана өзүнчө чыгармадагы бир бутакты ээлеп турган сүйүү баяны да кенен баяндалып чагылдырылган.

Ошол менен бирге эле элибиздин руханий байлыгынын өзөгүн түзчү жана башка эпостор “Эр Төштүк”, “Кожожаш”, “Курманбек”, “Жоодарбешим”, “Жаныш-Байыш”, “Эр Табылды”, “Жаңыл Мырза”, “Кедейкан” жана башкаларбоюнча да билүүбүз абзел.

### “Кожожаш”

Уруу түзүлүшү доорунда пайда болгон байыркы эпостордун бири. “Эр Төштүк” эпосундай эле анда дагы кыргыздардын тотемдик ишеними чагылдырылган. Чыгарма мифологиялык жандыктарга бай. Алар менен өзүнүн уруусунун, үй-бүлөсүнүн кызыкчылыгын коргогон жалгыз баатыр күрөшөт. Эрте пайда болгон эпостордун (“Кожожаш”, “Эр Төштүк”) өзгөчөлүгү мына ушунда. Эр Төштүктүн жана Кожожашдын душмандары жер алдында жашаган жаныбарлар, ажыдаарлар жана жаратылыш жандыктары, Манастын душмандары болсо – өз жерине коопсуздук жараткан жат элдиктер болгон. Кожожаш – болуп көрбөгөндөй көркөмдүү бугуну (сөзсүз токойдун ханышасы болгон) колго түшүрүүнү кыялданып жүргөн мергенчи болгон. Узак кыштан кийин өзүнүн тукумун ачкачылыктан алып кала турган жигердүү мергенчи болгон Кожожашка эли ишенип, үйдөгү малдын эти менен тамактанбай калган. Ошентип отуруп алардын жаратылышка болгон мамилеси жырткычтыкка өтө баштайт. Албетте муну жаратылыш эч качан кечире албайт. Бугу – Сур Эчки көптөгөн эчкилердин энеси. Ал аларга чеги менен аңчылык кылууга уруксат берет, ашып кетсе ал аңчылык кылган адамга сөзсүз түрдө жообун кайтарат. Анткени анын каарынан эң мыкты деген мергенчи да, балдарынын баарын өлтүрүп, бирок өзүнө жете албай калган бойдон каза тапкан. Бул эпос адам жаратылышка ар дайым аяр мамиле жасашы керек деген адеп-ахлактык маани-мазмунга ээ.

### “Эр Төштүк”

Эр Төштүк – көптөгөн башка элдин эпосторунда кезиктирүүгө мүмкүн болгон баатырдын образы. Ал өзүнө жакын болгон адамдардын жанын куткаруу үчүн жердин алдына кирет. Өзүнүн максатына жетүү үчүн түркүн мифологиялык жандыктар, жиндер,

дөөлөр менен күрөшөт. Эпос алгачкы жолу орус түркологу В. В. Радлов тарабынан жазылган. Ал Шамшы айылындагы белгисиз жомокчудан уккан. Кийинчирээк эпостун эң мыкты варианты болуп Саякбай Каралаевдики табылат. Ал эми эпостун өзү болсо бир нече окумуштуулардын жана адабиятчылардын илимий изилдөөлөрүнүн объектисине айланган. Эпос убакыт өтүп акырындык менен жалгыз баатыр тууралуу байыркы уруулук эпостон “Манас” эпосунун дагы бир каарманына өзгөргөн.

Эр Төштүк уникалдуу баатыр – ата-энеси карып калганда пайда болгон, күн санап аябагандай тездик менен өсүп чоңойгон уул, кийин тогуз бир тууганы дайынсыз жоголгонун угуп баардыгын табат дагы, аларды да үйлөндүрүп, өзү да аял алат. Бул эпостогу ыкмаларды дүйнөдөгү жомоктордун көбүнүн сюжетинде кезиктирүүгө болот: кичүү улуу баардыгын сактап калган баатыр, атасы бир жез кемпирге баласынын жанын саткан байкуш киши, жарым ишин аткара турган атты белек кылган сүйүктүүсү, ал сактаган жаныбарлар, аны сактап калган жаныбарлар. Алар менен бирге дарактагы сандыкка жаны катылган каардуу каарман, зымырык куш жана дөө бар.

### “Курманбек”

Курманбектен эпостордун алгачкы этабы башталган десек болот. Баатырлар жин-шайтандар жана сыйкырчылар менен эмес, чет жакалык басып алуучулар менен күрөшөт. Кийинки эпостордон эл кандай тарыхый этапты басып өткөндүгүн алардын чыныгы душмандары (калмактар) чагылдырылгандыгынан жеңил эле айырмалоого болот. Эң эле мүнөздүү болгону, баатыр душмандардын колунан эмес, уруунун ичиндеги чыккынчылардын колунан каза табат.

Жаш баатыр Курманбек өжөр жана кайраттуу, элди калмактарга – басып алуучуларга каршы чыгара алган чыныгы жол көрсөтүүчү. Анын баатырдыгы аны атак-даңктуу кылып, аты шамалдай сызып бат эле тарап кетет, бирок анын өз атасы баласынын кадыр-баркынын ашып бараткандыгын көрө албай, эң керектүү учур дегенде эң күчтүү жана ишенер атын алып коет дагы, андан бир канча алсыз атка алмаштырып салат. Курчоодон мындай ат менен чыга албай калган Курманбек акыркы болгон күчүн жумшап күрөшөт, аягында жалгыз досу тирүү калат дагы, Курманбек ага жаны чыгып жатып, уулуна көз болуп туруусун керээз кылып көз жумат.

### “Жоодарбешим”

Кыргыздар үчүн эң башкысы үй-бүлө, генеология болгон, муну жада калса эпостордун жана уламыштардын уландысынын болгондугу менен тастыктаса болот. Мисалы: Жоодарбешим Эр Төштүктүн уулу, тукумдун дагы бир улуу баатыры болуп чыга келет. Ал дагы атасынын мифтик душмандары – жез кемпирлер, жин-шайтандар жана дөөлөр менен күрөшүүнү улантат.

### “Жаныш-Байыш”

Эки бир тууган баатыр тууралуу эпос 16-17-кк. пайда болгон. Ал эпос боюнча эки бир тууган эки перини кезиктирип, үйлөнөт. Аларды күчтүү душман катары көргөн калмак башкаруучусу чалгынчыны жиберет. Кийинчирээк ал чалгынчы бир туугандардын досу болуп жакындашат. Көздөгөн максатты ишке ашыруу үчүн беш жыл жумшалат, бирок чалгынчы бир күнү бир туугандарды тузакка түшүрөт. Курал-жараксыз колго түшкөн бир туугандардын бири туткунга түшүп, экинчиси жаракат алат. Бирок Жаныш качып кетет дагы, дары чөптөр менен өзүн дарылап алат. Андан ары сюжет грек мифтери сыяктуу өрчүп кетет: хандын кызы Байышка качканга жардам берет, жана жоокерлер менен келген бир тууганы менен ал кайрадан биригип, душманын талкалайт. Ал эми мекенинде одиссей окуясы болуп турган кез эле: такты хандардын аялдарына үйлөнүүнү чечкен кулдар ээлейт, башкаруучулар өз мекенине жашыруун кирет. Албетте аягында чындык ачыкка чыгат, чыккынчылар өлүм жазасына тартылып, башкаруучулар сый-урматка татыктуу болушат.

Ушундай эле сюжетке, бирок ар башкача аталышка ээ болгон эпостор башка элде да, казактарда, өзбектерде, Түштүк Сибирь элинде да бар.

### “Эр Табылды”

Эр Табылды кыргыз элин калмактардан жана ички душмандардан – сатылып кеткен туугандардан сактаган каарман аскер болгон. Курманбектен айырмаланып, Эр Табылды ишенимдүү жоокерлеринин колдоосу менен бардык душмандарын жеңип чыгат.

### “Жаңыл Мырза”

Эпос каармандарынын катарында Жаңыл Мырза сыяктуу аял кишинин да орду болгон. Ал – нойгут тукумунан чыккан, көптөгөн эркектерден да кайратуу айым болгон. Душмандарга салык төлөөнү каалабаган Жаңыл Мырза өз каалоосуна жетип, жеңип чыгат, бирок душман ага такыр башка тараптан сокку урууну чечет. Аялдыкка сулуу жана да баатыр кызды алууну, анын баш көтөргөн улуу элин башкарууну каалаган үч хан нойгуттарга келет. Сыйды туура көрсөтө албастан алар кыздын колунан каза табат. Калган тукумдар андан коркуп, ага каршы биригет. Эли кыйрап кетпесин деген кыз карыган чалга турмушка чыгууга макул болот. Эгерде ал согуштук мелдештерге чакырылбаганда, Жаңыл Мырза жашоосун тынч улантып кете бермек. Курал менен бирге эле анда мурунку эрдиги жана кайраты да ойгонот, ошентип Жаңыл Мырза жерине кайра кайтып, элин коргоону улантууга болгон күчүн жыйып келет.

### “Кедейкан”

“Кедейкан” – чыныгы куулуктун жана амалдуулуктун чыгармасы десек болот. Башкы каарман аскер дагы, коргоочу дагы эмес. Ал - каардуу хандан үч күнгө гана бийлигин мелдеште утуп алган куу амалдуу Кедейкан. Үч күн аяктаган соң бул амалдуу киши бийликти бергиси келбей, мурунку залим ханды сүрүп чыгарып, өзү жаңы жана адилеттүү бийлик жүргүзүп кетет.

### Колдонулган адабияттар:

1. Т. А. Бакчиев “Манас таануу” Бишкек - 2012
2. К. Ботояров “Көөнөргүс мурас” Бишкек - 1996
3. С. Байгазиев “Манас таануу” Бишкек - 2010
4. Эркин Тоо гезити 2016-жыл

**УДК 371. 31. 513**

## ОРТО МЕКТЕПТЕ СТАНДАРТТУУ ЭМЕС ТЕҢДЕМЕЛЕРДИ ЖАНА БАРАБАРСЫЗДЫКТАРДЫ ЧЫГАРУУНУН ЫКМАЛАРЫН ҮЙРӨТҮҮ

***Тагаева Д. А.*** *– п. и. к., ОГПИ*

*Макалада стандарттуу эмес теңдемелерди жана барабарсыздыктарды орто мектептин окуучуларына чыгаруунун айрым ыкмаларын үйрөтүү маселелери каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *теңдеме, барабарсыздык, стандартту эмес, чыгарылыш,*

Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулар бир өзгөрүлмөлүү теңдемелер, барабарсыздыктар, эки өзгөрүлмөлүү теңдемелердин сисетемасы жана эки өзгөрүлмөлүү барабарсыздыктардын системасы менен жетиштүү деңгээлде эле тааныш болуп келишет. Айрым тереңдетилген багыттагы мектептерде бул теңдеменин түрлөрүнөн башка дагы теңдемелердин жана барабарсыздыктардын стандарттуу эмес түрүнө кайрылып келишет. Бул болсо мезгилдин талабы. Себеби коомубуз өнүккөн сайын азыркы биз тарбиялап, билим берип жаткан окуучуларыбыз алдыга карай умтулуу менен көптү билгилери келет. Башкача

айтканда илим- техниканын өсүшү менен чыгармачыл жаштар көбөйүүдө. Ал эми чыгармачыл жаштардын математикалык билим алуусунда стандартттуу эмес маселелерди кароо ашыкча болбойт [2].

Эгерде маселени чыгаруунун бир нече ыкмасы талап кылынса, анда окуучулар чыгаруунун эң жөнөкөй, кызыктуу, убакытты үнөмдөөчү жолун тандашмак. Ал эми чыгаруу үчүн теориялык алган билимдерин , усулдарын жана ыңгайлуу жолдорун тандоо менен бирге маселени анализдеп , турмуштук жагдайларда колдонуучу жактарын да эске алышат. Бул болсо окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирип, предметке болгон кызыгуусун калыптандырат. Маселелерди түрдүү ыкмалар менен чыгарууну акырындык менен төмөнкү класстан баштап үйрөтүүгө болот. Окуучуларды маселенин шартын толук окуп, түшүнүп, анализдеп, өз алдынча тандоо жүргүз билүүгө тарбиялоо зарыл. [4, 34-36].

Көбүнчө бир сабакта маселе бир же эки жол менен чыгарылат. Калган учурларын табуу үйгө тапшырмага өз алдынча изденип , таап келүүгө берилет. Мындай изденүүчүлүк окуучуларды чыгармачылык менен иштөөгө алып келет. Өз алдынча үйдө изденүү менен аларда кээ бир чогуу талкуулай турган проблемалык суроолор пайда болот . Бул проблемалык суроолор сабакта , кружок сабактарында, же консультация мезгилинде талкууга алынып, чечилбеген маселелерди ортодо талкуу аркылуу чечүүгө туура келет [3].

Айрым учурда окуучулар өздөрү тапкан маселелерди чыгаруунун ыкмалары татаал болуп калат. Бирок алардын бул изденүүчүлүгү өздөрү окуп үйрөнүшкөн материалдын колдонушун билип алуусуна, билимдеринин тереңделишине карата тарбиялык мааниси зор болуп эсептелет.

Окуу программасындагы кандайдыр бир бөлүктү жыйынтыктоочу

сабакта материалды оз ичине камтыган маселелерди түрдүү ыкмалар менен чыгаруу максатка ылайыктуу. Мугалимдин системалуу, план ченемдүү жана туруктуу иш алып баруусу окуучулардын логикалык кабыл алуусун өстүрүп, изденүүчүлүк жөндөмүн өрчүтөт.

Математикалык маселелерди түрдүү ыкмалар менен чыгаруу аркылуу

окуучулар теориялык алган билимдерин тереңдетүү менен гана чектелбестен математикалык ой жүгүртүүлөрү, билимдери кеңейип, маселе чыгаруунун түрдүү усулдарын үйрөнүшөт[4].

Алгач теңдеме түшүнүгүнө токтолуп кетели. Берилген эки функциянын маанилери барабар болгондой кылып, аргументтин маанилерин табуу маселелеринин аналитикалык жазылышы – теңдеме болуп эсептелет. Бул функциялар көз каранды болгон аргументтер белгисиздер делип, ал эми белгисиздердин ошол берилген функциялары барабар боло тургандай маанилери теңдеменин чыгарылыштары (тамырлары) деп аталат. Белгисиздердин мындай маанилери теңдемени канааттандырат. Мисалы, 2х - 8 = 0 - бир белгисиздүү сызыктуу теңдеме, анын чыгарылышы х = 4, эки белгисиздүү квадраттык $x^2 + y^2 = 41$ теңдемесинин чыгарылыштарынын бири х = 5 , у =4. Берилген теңдеменин чыгарылыштарынын жыйындысы белгисиз үчүн мүмкүн болгон маанилердин Е көптүгүнө жараша болот. Кээде Е көптүгүндө теңдеменин чыгарылышка ээ болбой калышы да ыктымал. Анда ошол көптүктө теңдеме чыгарылышка ээ эмес болуп, чыгарылбас деп аталат. Эгерде теңдеменин ошол көптүктө чыгарылышы болсо, анда ал бир же бир нече, айрым учурда чексиз көп чыгарылышка ээ. Мисалы, $x^2 - 5 = 0$ теңдемеси рационалдык сандардын көптүгүндө чыгарылбайт. Ал эми чыныгы сандардын көптүгүндө $x_1 = \sqrt{5}$, $x_2 = -\sqrt{5}$ эки чыгарылышына ээ болот. Чыныгы сандардын көптүгүндө $tg = 1$ теңдемесинин $x_1 = \frac{\pi}{4} + \pi\kappa, (\kappa = 0, \pm 1, \pm 2, ...)$ чексиз көп чыгарылыштары бар. Эгер Е көптүгүнүн бардык элементтери теңдеменин чыгарылыштары болсо, анда ал ошол көптүктө теңдештик деп аталат. Мисалы, $x = \sqrt{x^2}$ теңдемеси терс эмес сандардын көптүгүндө теңдештик болт. Бирок чыныгы сандардын көптүгүндө теңдештик болбойт. Анткени $y = x$ Жана $y = \sqrt{x^2}$ функциялары терс эмес сандар үчүн ган барабар мааниге ээ . Бир эле мезгилде

бардык теңдемени канааттандыра турган белгисиздери изделген бир нече теңдеменинжыйындыгы теңдемелер системасы деп аталат. Бардык теңдемени бир мезгилде канааттандырган белгисиздердин маанилери системанын чыгарылышы делет. Мисалы, $\begin{cases} x-y=1 \\ x+y=7 \end{cases}$ теңдемелери эки белгисизи бар, эки теңдемелердин системасы болуп , анын чыгарылышы $x=4, y=3$ эсептелет. Эгерде бир теңдемелер системасынын (бир теңдеменин) ар бир чыгарылышы экинчи теңдемелер системасынын (экинчи теңдеменин) да чыгарылышы болсо, анда ал теңдемелер системасы тең күчтүү деп аталат. Эгерде $f(x)=x$ трансцеденттик функция болсо, анда $f(x)=0$ трасцеденттик теңдеме деп аталат. $f(x)$ функциясына карата теңдеме тригонометриялык, логарифмдик, көрсөткүчтүү деп аталат да аталат [5].

Теңдемени чыгарууда түрдүү жакындатып чыгаруу методдору колдонулат. Теңдемелер системасынын ичинен эң жөнөкөйү сызыктуу теңдемелер системасы. Теңдемелерди чыгарууда белгисиздерин жок кылууга келтирилет. Сандар теориясында чыгарылышы болуп Диофант теңдемесинин теориясы изилденүүчү аныкталбаган теңдемелер каралат. Жалпы учурда теңдемелер кандайдыр бир А көптүгүнүн $a$ элементин табуу жөнүндөгү маселенин жазылышы болуп эсептелет. Мисалы, $F(a)=\Phi(a)$, мында F жана Ф функциялары А көптүгүнүн В көптүгүнө болгон берилген чагылдыруусу. Эгерде А жана В функциялардын көптүгү болсо, анда теңдеме жогоруда каралган түрүнө кирет. Эгерде А жана В көп өлчөмдүү мейкиндикте чекиттердин көптүгү болсо, анда теңдемелер системасы пайда болот. Эгерде А жана В функциялардын көптүгү болсо, анда чагылдыруунун мүнөзүнө карата кадимки дифференциалдык теңдеме, айрым туундулуу дифференциалдык теңдемелери, интегралдык теңдеме жана башка теңдемелердин түрү боушу мүмкүн [2].

Мектеп программасында эки өзгөрүлмөлүү теңделердин системасын чыгаруунун ордуна коюу, алгебралык кошуу, графигин түзүү, аныктагычтар жолун пайдалануу менен окуучулардын теңдемелер жана алардын системасы боюнча көз караштарын андан ары да тереңдетүүгө боло тургандыгына ишенимдүү кароого болот. Мындай жолдорду билүү менен алар системаларды чыгаруунун бир нече ыңгайлуу жолдорун тандай биле алышат.

Жогорудагы теңдемелерди жана теңдемелердин системасынан сырткары чыгармачыл окуучуларга стандарттуу эмес теңдеме жана барабарсыздыктарды сунуштоого болот.

Математикада «стандарттуу маселе» термини өз ичине ар түрдүү талкуулоолорду камтыйт. Биз карай турган стандарттуу эмес маселелер бир өзгөрүлмөлүү теңдемелер жана барабарсыздыктар болмокчу. Бардык эле бир өзгөрүлмөлүү, эки өзгөрүлмөлүү теңдемелерди стандартуу деп атоого болбойт, мисалы x + y = 5, суммасы 5 ке барабар болгон ар кандай түгөйлөрдүн көптүгү бул теңдеменин чыгарылышы болот. Мындай теңдеме жөнөкөй, аныкталган болуп эсептелет. Себеби, теңдеменин чексиз көп чыгарылыштарын табууга мүмкүн. Биз стандарттуу эмес, бир нече оригиналдуу талкуулоолордон кийинки анык жоопторго ээ болгон бир өзгөрүлмөлүү, эки өзгөрүлмөлүү теңдемелер Жана барабарсыздыктарга токтолобуз.

Теңдемелерди жана барабарсыздыктарды функциянын монотондуулуугунан пайдаланып чыгаруу.

Төмөнкү эң жөнөкөй, көп кездешүүчү барабарсыздыкты чыгарып көрөлү:

*1. Барабарсыздыкты чыгаргыла:* $\sqrt{3+x} \geq 3-x$.

Чыгаруу: мындай барабарсыздыктарды чыгарууну окуучулар мурда карашкан. Барабарыздыктардын мындай түрлөрүн чыгаруу үчүн барабарсыздыктарды чыгаруунун эки стандарттуу түрүн: эгерде $3-x>0$ болсо, квадратка көтөрүү ( эгерде $3-x \leq 0$ болсо, барабарсыздык аткарылат) жана өзгөрүлмөнү алмаштыруу ($y=\sqrt{3+x}$) жолдорун пайдаланууга болот.

Эми барабарсыздыктарды чыгаруунун дагы бир стандарттуу эмес түрүн карайлы. Барабарсыздыктын сол жагындагы функция монотондуу өсүүчү, оң жагындагы функция

кемүүчү . $\sqrt{3-x}=3-x$ теңдемеси бирден ашпаган тамырга ээ болот. $-3\le x<x_0$ аралыгында $\sqrt{3-x}<3-x$ барабарсыздыгынын чыгарылышы $x\ge x_0$ болот. Берилген аралыкта $x_0=1$ мааниси тандалат. Ал эми берилген барабарсыздыктын жообу: $x\ge 1$.

*2. Теңдемени чыгаргыла:* $3^x+4^x=7^x$.

Чыгаруу: Теңдеменин шартынан көрүнүп тургандай теңдеменин бир тамыры $x=1$ .

Мындан башка тамыры жок экендигин далилдейли. Теңдеменин эки жагын тең $7^x$ ке бөлүп , төмөнкү теңдемеге келебиз: $\left(\frac{3}{7}\right)^x+\left(\frac{4}{7}\right)^x=1$ . Барабардыктын сол жагы монотондуу кемүүчү функцияны мүнөздөйт. Мындан берилген теңдеме бир гана тамырга ээ боло тургандыгын көрүүгө болот, б. а. $x=1$. Демек, берилген теңдеменин жообу: $x=1$.

Ошентип , жогорудагы эки мисал аркылуу төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот: эгерде $f(x)$ функциясы монотондуу өсүүчү, ал эми $\varphi(x)$ монотондуу кемүүчү болсо, анда $f(x)=\varphi(x)$ теңдемеси бирден ашпаган тамырга ээ болот. Мында $x=x_0$ теңдеменин чыгарылышы. Эгерде $x>x_0$ болсо, $f(x)>\varphi(x)$ , эгерде $x<x_0$ болсо, $f(x)<\varphi(x)$ болот.

Жогорудагы мисалдардан мындай идеяны айтууга болот: эгерде $f(x)$ функциясы монотондуу болсо, анда $f(x)=f(y)$ барабардыгынан , $x=y$ экендиги келип чыгат.

3. Теңдемени чыгаргыла. $\log_{6-x}\log_2 x=\log_{7-x}\log_2(2x)$

Чыгаруу: Берилген теңдемени өзүнө тең күчтүү болгон төмөндөгүдөй теңдемелерге өзгөртүп түзөбүз: $\frac{\lg\log_2 x}{\lg(6-x)}=\frac{\lg(\log_2 x+1)}{\lg(7-x)}$, $\frac{\lg(7-x)}{\lg(6-x)}=\frac{\lg(\log_2 x+1)}{\lg\log_2 x}$ , $\log_{6-x}(7-x)=\log_{\log_2 x}(\log_2 x+1)$.

Теңдемени чыгаруу үчүн $f(t)=\log_t(t+1)$ функциясын карайбыз. t>1 болгон учурда бул функциянын монотондуу кемүүчү боло тургандыгын далилдейли. Муну стандарттуу түрдө: туундусун табуу аркылуу далилдөөгө болот. $f$ '(t) = $\left(f(t)=\frac{\ln(t+1)}{\ln t}, f(t)=\frac{t\ln t-(t+1\ln(t+1))}{t(t+1)\ln^2 t}\right)$. t>1 болгондо , $f$ '(t)<0 экендигин далилдөө жетиштүү. Башка түрүн көрсөтөбүз: $f(t)-1=\log_t(t+1)-1=\log_t\left(1+\frac{1}{t}\right)$. Акыркы алынган функция кемүүчү болуп эсептелет (негизи өсөт, логарифмдин белгисине карата функция кемүүчү).

Жогорудагы берилген теңдеме $f(6-x)=f(\log_2 x)$ түрүнө келет. Демек, $\log_2 x=6-x$ . Сол жактагы функция өсүүчү, оң жактагы функция кемүүчү , мындан чыгарылыш жалгыз гана экендиги келип чыгат. Б. а. тандоо жолу менен $x=4$ жообун алабыз [1].

Мындай теңдеме жана барабарсыздыктардан бир нече мисалдарды көрсөтүүгө болот. Ал эми стандартуу эмес жол менен далилдөөнү чыгармачыл, өзгөчөлөнгөн таланттуу балдарга көбүрөөк сунуштоого болот.

**Пайдаланылган адабияттар**:


1. Шарыгин И. Ф. Голубев «Факультативный курс по математике», М. Просвещение, 1991г.

2. Литвиненко В. Н. Мордкович А. Г. «Практикум по элементарной математике», М. Просвещение, 1991г.

3. Мадраимов С. «Решение задач различными способами». Тезисты докладов. 1989г.

4. «Окуучуларда алган билиминин сапаты жана аны жакшыртуунун жолдору» Фрунзе. « Мектеп» . 1980 ж.

5. « Математика в школе» №6 . 1997г.

**УДК 574-лес. Хоз 630*15**

# КЫРГЫЗ-АТА МАМЛЕКЕТИК УЛУТТУК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН БҮГҮНКҮКҮНДӨГҮ ЭКОЛОГИЯЛЫК АБАЛЫ

**Тажибаева Э. У. – ОшТУ**

Бул макалада негизинен Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркы, тоолор тууралуу эл оозунда айтылган уламыштар, топонимикалык аталыштары жөнүндө жазылган. Андан сырткары бүгүнкүкүндөгү экологиялык абалынын начарланышына антропогендик таасирлердин түздөн-түз таасир этип жатканы аларды токтотуунун чаралары жөнүндө айтылган.

Негизги сөздөр: Жер кыртышы, биокөптүрдүүлүк, өзгөчө корукка алынган аймактар, топурактын асылдуулугу, жайыттар.

В статье рассматриваются в основном биологический парк Кыргыз-Ата, легенды о горах, которые передавались из уста в уст, и о топонимических названиях. Антропогенное влияние на сегодняшнее ухудшение экологии ипути решения этих проблем.

**Ключевые слова:** почвы, биомноговидиость, особо охраняемые природные территории, почваплодородная, пастбища.

**Ecological state composition and national natural park «Kyrgyz Ata»**

*In the article deals the biological part of Kyrgz-Ata, the legends of the mountains, which are transmitted by the mouth in the mouth, and the toponymic names of the mountains, are considered predominantly. Anthropogenic hanging on todays worsening ecology and travel of these problems.*

***Key words:*** *I soil, biomediformity, specially protected naturaI territories, fertile soil, pasture.*

Тоолорум жүрөк сырларым,
Тоолорум бүтпөс ырларым.
Асылы сенсиң жеримдин,
Байлыгы сенсиң элимдин демекчи;

Ушундай сонун берекеси төгүлгөн «Кыргыз-Ата» мамлекеттик улуттук паркы жана аны курчап турган тоолордун экологиялык абалы жөнүндө айтпасак болбос. Бүгүнкүкүндө корукка айланган бул аймак 1992-жылы 18-мартта арча токойлорун сактоо жана жоголуп бара жаткан жаныбарларды, өсүмдүктөрдү коргоо максатында түзүлгөн. Учурдаөзүнө тиешелүүаймактардын арча токойлорун жана флорасы менен фаунасын коргоп улуттук жаратылыш парк болуп иштеп жатат. Мындан сырткары туризимди жана элдердин эс алуусун уюштуруу сыяктуу милдеттер жүктөлгөн. Улуттук парктын аймагы эки чоң жылганын так ортосунда жайгашкан алар, Кара-Кой жана Мазар. Эки жылганын суусу биригип Кыргыз-Ата дарыясн пайда кылат. Парктын жалпы аянты 11172 га түзөт. Ош областынан 75км, Ноокат шаарынан 35км аралыкта жайгашкан. Парктытүндүгүнөн Ноокат токой чарбасынын жерлери менен чыгыштан, түштүктөн, батыштан мамлекеттик жер фондусу менен чектешет. Райондун арчалуу токойлорунун негизги массивинин узундугу чыгыштан батышка 16, 5 км, түндүктөнтүштүккө 10, 5 кмтүзөт.

“Кыргыз-Ата” мамлекеттик улуттук жаратылыш паркындагы Мазар конушу да өз ичине укмуш сырларды каткан жер. Ушул жерге Кызыр Алейки салам байырлаган деген эл оозунда уламыштар айтылат: «бир мергенчи уудан келе жатып, ошол мазар конушундагы шыйпаң түрүндө салынган үйлөрдүн биринде түнөп калат, кирип жатаары менен эшик «тарс-турс» этипачылып, жабыла берет, уйку болбойт, «мени жактырбады, жактырбаган адам түнөсө ушундай шоокум болот депуккам», -деп мергенчи ылдый түшүп, койчумандарды ойготуп, ошолордун үйүндө түнөптүр. Калк оозундагы сөз калп эместир деп ойлойм.

Адам Ата, Обо эне жаралганга чейин эле пайда болгон бул тоолор эчендеген укмуш сырларды өз ичине катып, бирок, бир да жанга сыр ачпай келе жатат. Мурда чоң энем: «ээ касиети улук, бул жерлердин, садагасы кетейин бул тоолорго», - деп, калар эле. Анткени,

1941-жылдагы Улуу Ата Мекендик согушта Кавказ улутундагы элдерди эвакуациялап Орто Азияга көчүрүшкөндө, биздин жерге да келишип, аларды тоолор баккан деп айтканын укканмын. «Тоолордун берекеси бар», деп айтып калышат. Бүгүнкү күндө мына ушул касиети улук берекелүү тоолорубуздун экологиялык абалдары оор көрүнүшкө дуушар болууда.

Ушул касиеттүү тоолордон ылдый түшө бергенде Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук паркынын түндүк батыш тарабында «Кызкоргон» дегенатлыштагы жайык түздүк айланасы тоолор менен курчалган жер бар бул жер жөнүндө мындай уламыш айтылат: «Байыркы мезгилдерде элибизге жоо тийип, бой жеткен кыздардын баарын тоого жашырышкан экен, ошондо душмандардан кыздарды эсен-аман сактап калган ушул жерди» «Кыз коргон» деп коюшуптур, айланасы тоолор менен курчалган ортосу жайык болгон бул жер азыр корукка айланып, арча, карагай, кайың жана башка түрдүү сорттогу өсүмдүктөр өстүрүлүп жатат. Тунук сууларыбыз эчендеген дартка даба өсүмдүктөрүбүз ушул тоолордун боорунда.

Бүгүнкү күндө «Кыргыз-Ата» мамлекеттик улуттук жаратылыш паркы өзгөчө экологиялык, геоботаникалык жана фауналык баалуулуктарга ээ, арчалуу токойлордун кайталангыс жаратылыш комплексин сактоо максатында түзүлүп, корголуучу жаратылыш аймактары катары эсептелинет. Жаратылышты жана экологиялык баалуулуктарды коргоодо жаратылыш аймактарынын орду чоң мааниге ээ. [1].

Кыргыз-Ата мамлекетик улуттук жаратылыш паркын сактоонун негизги максаты – республикадагы өзгөчө баалуу болгон биологиялык көп түрдүүлүгүн, арча токойлорун сактап, аларды коргоо жана калыбына келтирүү максатында түзүлгөн. [2].

Бүгүнкү күндө мына ушундай коргоого, сактоого, калыбына келтирүүгө муктаж болгон улуттук парктын экологиялык абалы төмөндөөдө. Бул адамдардын терсиштери ИТР нын өнүгүүсү антропогендик таасирдин күч алышынын натыйжасында кыргыз тоолору да өзгөрүүгө дуушар болууда. Жогорудагы уламыштарда айтылгандай ушундай кооз жерибиз азыркы учурда жардамга муктаж, экологиялык жактан антропогендик таасирлердин натыйжасында булганууга дуушар болууда, кээ бир жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн түрлөрү жок болуп кетүү коркунучунда турат. Жыйырманчы кылымдын башында адамдарда шүгүрчүлүк келтирүү, ынсап болгон дешет. Бирок бүгүнкү 21-кылымдын адамдарында мына ушул сапаттар жок болуп кетүүдө. Тескерисинче ачкөздүк, чексиздик, жырткычтык сапаттардын күч алуусу басымдуулук кылууда. Бул сапаттарга биздин экология туруштук береалбай жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүнтүрлөрү жок болуп кетүү коркунучунда турат. Фаунанын ар түрдүү санын жана ар түрдүүлүгүн, алар жашаган жерди сактоо азыркы учурда адамдардын негизги милдети болуп саналат. Улуттук парк түзүлгөндөн баштап 2008-жылы жаныбарларды изилдеп аныкталганы боюнча суурдун саны 30га аздап, коёндун саны 100-150дөн 13гана аныкталды.

Анткени жаратылышка туура эмес мамиле жасаган адамдар көп Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук паркына эс алганы барган көпчүлүк жарандар ар бири арча жана башка дарылык касиети бар өсүмдүктөрдөн алып келишет, кээ бир адамдар арчаларды сындырып, отун катары пайдаланып терс көрүнүштөрдү жаратууда. Арча карагайларды кыйып, сейрек кездешүүчү жан-жаныбарларды атып жаткандар да жокэмес.

Жергиликтүү калк өздөрүнүн экономикалык жыргалчылыгын канааттандыруу үчүн көптөгөн арчаларды, кайыңдарды ыксыз кыйып курулуш материалдары, отун ж. б. үчүн колдонуп жатышат. Улуттук парктын аймагындагы айдоо жерлер да бар, алардын аянттары туруктуу көбөйүп жатат. Жайыттардын азайып айдоо жерлердин көбөйүшү парктын биоартүрдүүлүгүнүн сакталышына терс таасир этүүдө. Бул көрүнүш парктын токой зоналарында да кездешип жаткан олуттуу коркунучтардын бири. Жергиликтүү калк кошумча каражат табуу үчүн корукка алынган аймактагы жайыттар айдоо жерлерге айлантууда.

Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын тоолорунун дагы жайытта жүргөн жаныбарлардын, канаттуулардын, малдардын этинин сорту, сапаттуулугунун жогорулугу да ушул тоолордун чөбүнүн, өсүмдүктөрүнүн дары экендигинде, суусунун жанга жагымдуулугунда.

Өсүмдүктөр дүйнөсү улуттук паркта толук изилденип бүтө элек. 2007-2009-жылдары улуттук парктын кызматкерлери тарабынан парктагы өсүмдүктөр дүйнөсү такталып, 217 түрү бар экендиги аныкталган. Анын ичинен бадал дарактардын 21 түрү, өсүмдүктөрдүн 196 түрү аныкталып, алардын 14 түрү дары чөптөргө кирет. Аазыркы убакта изилдөөлөр уланууда. [1]

Негизинен бадал-дарактардан: түркестан арчасы (өрүк арча), жарым шар арча (сары арча), зеравшанарчасы (кара арча), аккайың, суу тал, четин, чычырканак, шилби, ыргай, бөрү карагат, карагат, табылгы, итмурун, чие, долоно жана башкалар кездешет. Андан башка улуттук парктын ичинде КРнын УИАсынын Кара-Кой тажырыйбасынын аянтында башка жактан алынып келинген бадал-дарактардын 83 түрү эгилген. Азыркы убакта алардын 59 түрүбиздиншарткаыңгайлашып, өсүп жатат. [3].

Мергенчилер болсо сейрек кездешүүчү жан жаныбарларды кырып жок кылууда. Бул болсо биздин Кыргызстандагы кызыл китепке киргизилген жан жаныбарлардын жок болуп кетүү коркунучуна алып келүүдө. Канаттуулардан: бүркүт, ителги, улар, кекилик, көгүчкөн, бөдөнө, күкүк, үкү, үпүп, чабелекей, тоңкулдак, карга-кузгун, булбул, чыйырчык, таранчы, сагызган жана башкалар. Ача-туяктуулардан: каман жана эчкитекелер. Мындан сырткары суур, катмултек, коёон, ондатр, карышкыр, ошондой эле чычкан келемиштер бар. [4].

Арча карагайлардын бардык түрүнүнөсө бергендиги климаттын, топурактын асылдуулугунда: бознач, кийикот, чирич, козу карындын түрлөрү, чайчөп, карагат, чие жана башка дарылык касиети бар өсүмдүктөрөсөт. Ушундай ары кереметтүү, касиеттүү, бейиштин төрүндөй болгон жерибизди сактап бүгүнкү күндөгү экологиялык абалына кайдыгер карабастан, келечекти да ойлоо учурдун талабы. Мына ушундай ары кооз, ары кереметтүү тоолорубуз жана кыргыз жерлеринин бирине «Кыргыз Ата улуттук паркы» деп корукка алынганына карабастан жайыттарга малдарын жайышып, айдоо жерлерге айландырып эгин эгип, экосистеманы бузушуп антропогендик жаат, бүгүнкүкүндө ошол жерлерге да жырткычтык мамиле кылып жатышат. Табийгый өсүпжатканарча, кайың, карагай жана башка көптөгөн экологиялык жактан көрк берүүчү, табиятты тазалоочу бак-дарактарды да кесип алардын санын азайтышууда. Жүз жыл жашаган арчаны кыйып анын ордуна бир жылдык жүз балаты отургузсак да кыйылган жүз жылдык бир арчадай атмосфераны тазалай албайт. Бирок биз бир арча эмес ондогон, жүздөгөн арча, карагайларды кыйып анын ордуна жүз эмес бир да арча экпей жатабыз. Бул болсо биздин экологиябыздагы болуп жаткан чоңжоготуу, трагедия десем жаңылышпайбыз. Эгерде корукка алынган аймактар мына ушундай абалда улана берсе дагы жүз жылдан кийин биз экологиядан алган экономикалык байлыгыбыздын баарын сарптасак да жүз жыл мурунку абалына кайтып келбейт. Ошондуктан мен муну айткым келет экологияда бир жакшы мисал бар эмеспи: экология менен экономиканы таразадай тең салмакта алып жүрүү керек деген. Мына ошондо гана биз экологиялык баалуулуктарды кийинки муунга сактап бере алабыз.

Улуттук парктын ичинде жана анын чек арасында, ага жакын токой фондусунун аймагында калк жайгашкан жерлер бар. Негизинен алар парктын аянтынын түндүк тарабында жана анын чегинен сырткары жайгашуу менен биргеликте, парктын аймагына антропогндик жана экологиялык таасирлерин тийгизишет. Бул калк жайгашкан жерлерге: парктын аянтынын ичинде Калдай, Кара-Кой, Кураган айылдары, ал эми чегинен сырткары аймакта жайгашкан Буудайлык, Ичке-Тар айылдары кирет.

Кыргыз-Ата улуттук паркында жана жалпы райондо жүргүзүлүп жаткан ар кандай жашоо-тиричилик үчүн жасалган иштердин натыйжасы жалпысынан токойго антропогендик таасирлердин малды ашыкча жаюу, мыйзамсыз кыюу, жерди, жайыттарды мыйзамсыз пайдалануу сыяктуу иштер аянттардын азайышына түрткүберет, мунун өзү токойдун туруктуулугун өсүүсүн начарлатып, улуттук парктын экологиялык абалына терс таасирлерин тийгизип келүүдө.

Бүгүнкү күндө паркты коргоо боюнча көрүлгөн иш чаралар жетишээрлик натыйжаларды бере албай жатат. Бирок мындан 15-20 жыл мурункуга салыштырганда бүгүнкү күндө жаратылышка болгон жырткычтык бир топ азайууда.

Рекреациялык максатта өзгөчө корукка алынган жаратылыш территорияларын колдонуу маселелерин чечүү акыркы мезгилде актуалдуу болуп бара жатат. Калк арасында жана жалпыга маалымдоо, жаратылышты коргоо темасында түшүндүрүү жана эскертүү иштери да алгылыктуу эмес. Себеби, экологиялык туризимдин мааниси, популярдуулугу уламдан улам жогорулоодо. [5]

Жогорудагы айтылган көйгөйлөрдү азайтуу жана жок кылуу үчүн төмөндөгүдөй иш-чаралар практика жүзүндө аткарылса корука алынган аймактардын абалы бир топ жакшырмак.

Кыргыз-Ата улуттук паркындагы сейрек кездешүүчү флорасынын жана фаунасынын жок болуп бараткан түрлөрүнүн сактоо жана жок кылуучу жолдорун азайтуу, токтотуу максатында жергиликтүү калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

Ошол эле учурда антропогендик факторлордун арча токойлорго, өсүмдүктөргө, жаныбарларга, микроорганизмдерге тийгизген терс таасирлерин аныктоо.

Арчалардын формалдык түрлөрүнизилдөө, дендрологиялык жана рекреациялык участокторду түзүү аларды бүтүндөй регионго жайылтуу.

Улуттук парктын токойлорун санитардык иштерди туруктуу жүргүзүү менен рационалдуу пайдалануу үчүн иш-чараларды күчөтүү.

Арча токойлорду ыксыз кыйууну азайтуу аларды мыйзам чегинде жөнгө салуу.

Мына ушундай иш-чаралар практика жүзүндө аткарылса корука алынган аймактардын абалы бир топ жакшырмак. Ошондой эле Кыргызстандын экологиясы бизден кийинки муундарга чыныгы табийгый түрдө сакталып берилет.

**Адабияттар:**


1. **Исмаилова, Ж. А.** «Кыргыз-Ата» мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын азыркы учурдагы биокөптүрдүүлүгүнүн абалы/Текст/ II Известия Ош ТУ, №1, 2016. С. 88-91.
2. **Никитинский, Ю. Н.** Запрведники южного Кыргызстанат [Текст]IIЮ. И. Никитинский II Ф. 1999. С. 196.
3. **Шамшиев, Б. Н.** О Заповедники южного Кыргызстана [Текст] Б. Н. ШамшиевНауч. тр. Вып. 256. -М. –МГУЛ. -1993. -с. 90-92 Токторалиев, Б. А., Шамшиев, Б. А., Токторалиев, А. А. Кыргыз-Атинский национальный природный парк и его проблемы. Экология, химия и технология. Сб. Науч. тр. 1ч. Вып. 2, г. Ош: ОшТУ-1999. -129с.
4. **Токторалиев, Б. А.,** "Кыргыз-Ата" мамлекеттик улуттук жаратылыш паркы (азыркы абалы, чечилүүчү маселелери жана келкчеги) [Текст] /Б. Н. Шамшиев, , С. С. Мурзакулов, Ы. К. Аматов /Ош: -2009. –С 268-272
5. **Култаева А. К., Дуванакулов М. А.** Өзгөчө корукка алынган жаратылыш территорияларынын туристтик-рекреациялык мааниси (Кыргызстандын Түштүк аймагынын мисалында)



**УДК: 2-134(575. 2)**


## «КӨЗДҮН ЖООСУН АЛГАН, КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭҢ КООЗ ЖЕРЛЕРИ»


**Таштанбекова А. А. ОГПИ**



Бул макалада көздүн жоосун алган Кыргызстандын эн кооз жерлери жана анын табиятынын табигый кооздугу, баалуулугу жана алардын мааниси жөнүндө берилген



**Ачкыч сөздөрү:**

Көл, тоо, кокту колоот, өрөөн, үнкүр, ланшафт, шалбаа, капчыгай, дөнсө.


**Самое красивое и прекрасное место в Кыргызстане.**


Эта статья направлена на большинство впечатляющих достопримечательных природы Кыргызстана и его природная красота о ценностях и их значении.

**Ключевые слова**:

Озеро, горы, поляна, долина, пещера, ландшафт, саванна, ущелья, холм.

**The most beautiful place in Kyrguzstan.**

This article is directed to the most impressive sights of hature of Kyrgyzstan and its nattural beauty about the values and their significance

**Key words:**

Lake. mountains. dlade. valleys. cave. landscape. savannah. gorges. hill.

Биринчи эле Ысык-Көл жөнүндө баяндамакчыбыз. Алгач анын географиялык жайгашуусун, андан кийин көркөмдүгү, келип чыгуу аталышы жөнүндө баяндап беребиз Кыргызстандагы эң чоң тоолуутуздуукөл. Кыргыздарбулкөлдү «Кыргызстандынбермети» депаташат. Көлдөгү суунун көлөмү -1738 чарчыкм, суу бетинин аянты — 6236 чарчыкм. Жээктеринин жалпы узундугу — 688 км. Көлдүн орточо тереңдиги 278 м, эңтерең жери 668 м. Ысык-көл түндүктөн түштүккө 58 км ге, ал эми батыштан чыгышка 182 км ге созулат.

Кыргыз элинин бермети – Ысык-Көл. Ал тоо арасында жайгашкан. Анын тарыхта түрлүү аттары сакталып калган. Ысык – Көл жылуу көл дегенди билдирет. Анын Туз – Көл деген да аты болгон. Андан кийин Тимур – ту – Нор деп да аташкан. Бул темирлүү көл дегенди билдирген. Бир кезде Жыт-Көл деп да аташкан. Ысык-Көлдүн мындайча аталышы кокусунан болгон эмес. Ысык-Көл деңиз денгээлинен 1623 метр бийик жерде жайгашкан. Анын аянты 6124 чарчы километрди түзөт. Узундугу 182 километрге чейин жетет, туурасы 60 километрге барабар. Тереңдиги жагынан дүйнөдөгү Танганьика, Ньяса жана Байкал көлдөрүнөн кийинки төртүнчү орунда турат. Эң терең жери 700 метрден да ашыгыраак. Ысык-Көлгө 80ден ашык агын суу келип кошулат. Биздин бул керемет жерибиз Манас эпосунда төмөндөгүчө айтылат.

**Ысык-Көл**— «Манас» эпосундагы топоним. «Манас» эпосунда кыргыздардын байыртадан мекендеген жерлеринин бири катары көп эскерилет. Манас Ата журтун баскынчы жоодон бошотмок болуп Алтайдан аттанып чыгып, Кошойго жолукканы келе жатып, Ысык-Көлгө туш келип, суктанат: Геграфиялык реалияда көл жана жер катары республиканын түндүк-чыгышында жайгашкан. Күңгөй жана Тескей Ала-Тоолору менен курчалган кеңдик багыттагы кенен ойдуңдун таманын ээлеп жатат. Көлдүн азыркы аты байыркы түрк тилиндеги ысык //ызык сөзүнө байланыштырып, ал ыйык, керемет, азиз, курман фетиш деген маанини берет. **Чатыр–Көлүн** — көркүнө чыгарган, баш аягына жетпей созулган Торугарт тоо кыркалары түштүктө созулса, анын түндүгүнүн Ат-башы тоолорунун түгөнгүс кыркалары курчайт. Андагы мөнгүлөрдөн эрип аккан мөлтүр-тунук, кашка суулар жерден сызылып чыккан булак сууларына кошулуп, Чатыр-Көлгө тынымсыз куюп көлөмүн толтуруп турат. Жалпысынан алганда көлгө 50дөн ашуун суулар куят. Алардын ичинен тынымсыз көлдү толтурган Көк-Аргын, Муз-Төр, Таш-Булак, Муз-Бел, Айрык, Үч-булак суулары бар. Чатыр-Көлдүн узундугу 23, туурасы 11 километрге созулуп, 170, 62 чарчы км. Көгөргөн көлдүн күзгүдөй чагылган аймагын түзөт. Анын терендиги 7 метрден баштап 20 метрге жетет.

Ошондой эле көл жээгинде адамга жагымдуу минералдык суулары да көп Чатыр-Көл жапайы канатууларга да бай. Көл үстүндө каз катары тарта сүзгөн жапайы өрдөк-чүрөктөрү жана индиялык тоо каздары жүрсө, жээгинде бадалдуу тоо боорлоруна эчки-текелер, аркар-кулжалар мекендешет. Кышкысын кату суукка байланыштуу көл бети 1 метрден ашуун калың муз менен капталып, май айларынын ичинде гана муздар эрип көл бети ачылат. Келгин канаттуулар жайкысын келишип, көлгө өз эркинче сүзүшүп, көл ортосундагы аралдарга уялашып, балапандарын баралына жеткирип учуп кетишет. Бул көлдө суда сүзүүчү канаттууларынын 30 га жакын түрлөрү уялашат. Жай айларынын жылуу күндөрүндө алардын түлөгү жүрүп, жаңы, жаш жүндөр менен капталат. Бул келгин канаттуу куштардын эркин сүзүшүн, көбөйүшүн камсыз кылуу максатында Чатыр-Көл жана анын жээктери бүт бойдон корукка алынган[ 1-56].

**Соң-Көл** борбордук Тянь-Шандын бийик тоолорунун арасында деңиз деңгээлинен үч миң метрден ашык бийиктикте жайгашылган, жаратылышы эң эле кооз,

көзгө көркөмдүү көлдөрдүн бири. Анын жаратылышын жарашыктуу көркүнө чыгарып көлдү айландыра курчаган тоо кыркалары, жылга жыбыттарынан агып түшкөн мөлтүр тунук кашка суулары, тоолордун асман тиреген аскалуу чокулары курчайт, Сөң-Көлгө ар-тарабынан 20дан ашуун агын суулар куюп анын деңгээлин төмөндөтпөйт. Ал эми Ак-Таш, Таш-Дөбө, Кара-Кеченин тынымсыз куйган шар суулары кышкысын да көп тоңо бербейт. Сөң-Көлдүн узундугу -29, туурасы -17 километрге созулуп, 292 чарчы км. болгон көлдүн аймагын түзөт. Көлдүн тереңдиги ар түрдүүчө, чыгыш тарабы 10-15 метр болсо, батыш тарабындагы тереңдиктери 22 метрге чейин жетет. Көгөргөн көлдүн айланасына ар түрдүү чөптөр өсүп, кызыл-тазыл гүлдөр менен саймаланып эң эле кооз, кээ бир жээктен эшилген майда кызыл кумдуу пляждарды учуратууга болот. Ошондой эле жээктердеги тоо боорлору бетегелүү тоо чөптөрү жамынып төрт түлүк малдын берекелүү мекени. Сөң-Көлдө сууда сүзүүчү жана саз канаттууларынын 66 түрү жашагандыгы далилденди. Алардын 29 түрү көл жээктериндеги өрөөндөрдө уялашып, балапандарын чыгара тургандыгы, ал эми 37 түрү болсо күзгү жана жазгы келгин канаттуулар экендиги байкалды. Сөң-Көлдүн үстүндө өрдөк, чүрөк, каздар, ак-чардактар сүзүшсө анын астында ар түрдүү чабак урушат. Сөң-Көлдөгү канаттууларды ар түрдүү жоготуулардан коргоп, көбөйүшүнө толук шарттарды түзүү үчүн мамлекет тарабынан корукка алынган.

**Жети-Өгүз,** өрөөнЫсык-Көл ойдуңунда. Тескей Ала тоонун түндүк капталында, Жети-Өгүз суусунун алабында жайгашкан. Жети-Өгүз районунун аймагында. Аянты 63, 0 км2 узундугу 28, 5 км, туурасы 8 – 11 км. Басымдуу бийиктиги 2000–3500 м. Курортко чейин тепши сымал өрөөн, андан жогору V формасына өтүп, каптал өрөөндөр жана кокту-колоттор менен тилмеленген. Өрөөндүн этек бөлүгү салааланган кургак сайлуу, дөңсөөлүү адырлардан турат. Жети-Өгүз кыштагынан жогору чыга бергенде суунун оң тарабында кенен Казанбак түздүгү, ал эми суунун сол тарабында тик кашаттуу Ак жар тектирлери (үчөө) жатат. Рельефи жалпысынан тоолуу; терең жана кууш каптал өрөөндөрү көп. Капчыгай оозундагы адырлар улам жогорулаган сайын анча бийик эмес: (1800 – 2200 м) бөксө тоого, орто бийиктиктеги (2200–2800 м бийиктикте) тоолорго, тик капталдуу (30–50°) бийик (3000мден жогору) тоолорго өтөт. Өрөөн уникалдуу ландшафттары жана курорт байлыгы менен өзгөчөлөнөт. Табияты (токой чарбасынан жогору карай) өтө кооз. Суунун сол тарабынан, Бөйрөк деген жерден орун алган Жетөгүз курортунун (2200–2400 м) аймагы, анын түндүк жагындагы Кызыл жар аскасынын норамасы өзүнүн табигый кооздугу менен көп элге маалым. Анын чыгыш уландысы Кызыл үңкүр деп аталат. Асканын түндүк капталы (ортосунан жарылган ) жүрөк формасын элестеткендиктен, аны «Жарылган жүрөк» деп жүрүшөт. Ушул аскалардын сырткы көрүнүшү экзодинамикалык (атмосфералык жаан - чачын, күндүн радиациясы, үбөлөнүү ж. б. ) процесстердин таасиринен пайда болгон. Курорттон жогору өрдөй бергенде капчыгай3 –4 км аралыкка кууш тартып, андан чыга бергенде шиберлүүКөк жайык түздүгүнө өтөт. Ал Жети- Өгүздүн кенен жана тегиз, дем алууга ыңгайлуу жайы. Бул жерде кыргыздын улуттук оюндары өткөрүлүп келген. Көк жайыктан жогору капчыгай кууш тартып, каптал өрөөндөр (Ат жайлоо, Асан токум, Бай төр, Өөн төр, Кыргый уя, Телти , Аю төр, Чуңкур төр, Ашуу төр ж . б. ) менен тилмеленген. Өрөөндүн ооз жагы жана Жети-Өгүз курортунун аймагы неогендин кум, чопо, конгломерат, Көкжайыктан жогору негизинен палеозойдун акиташ теги , гранит, сланец тектеринен түзүлгөн. Климаты мелүүн континенттик; июль айынын орточо температурасы 14, 8 °С, январдыкы —8, 4 °С. Жылдык жаан -чачыны 500 –600 мм. Өрөөн аркылуу Жети-Өгүз суусу агып өтөт. Анын жайылмаларында кайың, тал, чычырканак, бөрү карагат, итмурун , жылгын ж. б. жыгач жана бадал өсүмдүктөрү жыш өсөт. 1800– 2200 м бийиктикте талаа , 2200 – 2800м де шалбаа бадал аралаш карагайлуу токой, 2800— 3400м де субальп жана альп шалбаа ландшафттары мүнөздүү. Карагайлуу токой негизинен тоонун түндүк капталдарынан орун алып, айрым жерлеринде чер токойду түзөт. Күңгөй беттеринде жана токой тилкесинен жогору арча өсөт. Деңиз деңгээлинен 3400м ден жогору кар, мөңгүлүү аскалар ээлейт. Өрөөндө 1958-жылы Жети-Өгүз заказниги уюшулган. Курорттун аймагынан

минералдуу булактар чыгат (Жети-Өгүз минералдуу суусу). Аны Жети-Өгүз курорту пайдаланат/

[ 1-56]. **Сулайман тоосу** Ош шаарынын так ортосунда, Ак-Буура суусунун сол жээгинен оруналган. Узундугү – 1140, туурасы – 560 метр. Шаарга салыштырмалуу бийиктиги 300-350 метр. Сулайман тоо – улуттук тарыхый-археологиялык музей-комплекс. Кээ бирөөлөр тоону чөгүп жаткан төөгө окшоштурушат. Сыйынуучулардын саны бир жылда 16-17 миң адамды түзөт. XVI кылымга чейин Сулайман тоо Баара-Кух деп аталганы маалым. **Пайгамбар байырлаган жер** Тоонун аталышы Сулайман пайгамбардын (Инжилдеги Соломон) аты менен байланыштуу. Акылмандыгы жана кең пейилдиги үчүн Кудай ага 500 жин зорго көтөрүп жүрө турган таштан жасалган так белек кылат. Пайгамбардын буйругу менен жиндер такты алыскы жакты көздөй көтөрүп жөнөшөт. Жүрүп отуруп, акыры абасы таза, чокусун кар баскан тоосу бар жерге алып келишет. Пайгамбар мына ошол жерди гүлзардуу жерге айланткысы келет. Бирок, мында суу жок болгондуктан, жиндерге мөңгүлөргө кеткен жолдогу тоскоолдуктарды жок кылып, дарыяга нук салууга буйрук берет. Ошентип, Ак-Буура дарыясы пайда болот. Ал эми пайгамбардын тагы коюлган тоо Сулайман так, Сулайман тоо деген атакка конот[ 2-70].

**Чокулардын аттары**

Тоодо 5 чоку бар: 1) Баара-Таг же Сулайман тоо. Мында Бабурдун үйү (музейи жайгашкан). 2) Шор-Таг (“Ак туздуу чоку” дегенди түшүндүрөт). 3) Рушан-Таг (“Эң бийик”, “эң жарык” деген маанини берет). 4) Ээр-Таг (“Ээрге окшош тоо”). Чокунун түндүк капталы көрүнүшүнө жараша Каттама-Таш деп аталат. 5) Кекилик-Учар.

**1)** Биринчи чокуда эки үңкүр жайгашкан. Түндүк жагындагы бирөөсү барууга мүмкүн эмес жерде. Аталышы да жок, изилденбеген дагы. Экинчиси – Чакатамар. «Чакатамар» сөзү “тамчы” дегенди билдирет. Бул үңкүр барган адам үчүн таңкалычтуу, сүрдүү. Ал жерге кирчү жол өтө кууш. Бир адам батчу тар жол менен сойлоп киресиң. Шам жаксаң ичинен ачылып турган китеп сыяктуу таш көрүнөт. Аалымдар анда курандын “Аятолл курси” аятынан үзүндү бар экендигин айтышат. Жазында үңкүрдүн төбөсүнөн тамчы таамп турат. Жайында боорун сыйпаласаң кол нымдашып калат. Тамчынын дарылык касиети бар делет. **2**) Экинчи чокунун капталында Тепе-Үңкүр (Бийиктеги үңкүр) жайгашкан. **3**) Ушул эле 2-чокуга Чилтен-Хан (Тешик-Таш деп да аталат) үңкүрү тийиштүү. Мунун 3 оозу бар. **4)** Үчүнчү чокуга тиешелүү кезектеги үңкүр Ишен-Үңкүр деген атка ээ (элдер “ой жүгүртүүгө арналган үңкүр” дешет). Ушул эле чокуда Руша-Үңкүрү (Бүркүттөр үңкүрү) да жайгашкан. Бул эң чоң үңкүр. Учурда мында музей орун алган. Үңкүрдүн чыга беришинде петроглифтер сакталып калган. **5)** 5-чокуда жайгашкан үңкүр Хуркыз (Үркыздар же нур кыздар дегенди билдирет) деп аталат. Уламышка караганда, бул жерди Үркыздын жаны (духу) байырлайт. Бел таштан бели, бөйрөгү ооруган адамдар 7 жолу сыйгаланып түшүшөт. Ден соолугу начар, жашы өтүп калган адамдар 3 же 1 ирет сыйгаланууга тийиш. Маалыматтарга караганда, шыпаатапкандар көп. Кол таш деп аталган жайга сыйынганы келгендер ооруган колун салып, ичинен тилек тилешет. “Жакшылап көңүл бурган адам манжаларынын учу чымыраганынсезет”депайтылат. Бешик энеге балалуу болбой жүргөндөр көп келишет. Андагы көзөнөк ташты эки колу менен кармап, маңдайын ага тийгизип, ичинен тилек тилешет. Сыйынгандардын тилеги кабыл болгон мисалдар көп.

Хуркызга кыз-келиндер барышат жана өзүлөрүнүн аруу-тилектерин айтышып, Жараткандан аларды ишке ашыруусун суранышат. Эркектер сыйынуучу жай Кырк чилтен деп аталат. Уламышта бул үңкүр – жигит пири Шаймерден түнөп кеткен ыйык жай. Жоокерчилик заманда жоого аттанар эр-жигиттер ошол жерге барып сыйынышчу экен[2-70]. Бул жай XVI кылымга таандык архитектуралык эстеликтин үлгүсү болуп эсептелет. Улуу Моголдор династиясынын негиз салуучусу, акын жана ойчул Бабур Захиреддин Мухаммеддин үйүн эл Сулайман тоо мечити деп да аташат. Бубур айтылуу Амир Темирдин (убагында борбору Самарканд болгон Мавераннахр өлкөсүнүн ханы) урпагы болгон жана 1483-1530-жылдары жашаган. 11 жашында атасынын ордуна Ферғананын ханы болуп

дайындалган. Кийин Түндүк Индияны басып алып, анда Улуу Моголдор өлкөсүн негиздеген [4-145].

Бабурдун үйүнө барган сыйынуучулардын суранычы менен мечиттин ичинде отурган молдолор рухтарга арнап куран окушат. Бабур өзүнүн "Бабур-наме" деген китебинде Ош шаары жана Сулайман тоосу тууралуу жакшы пикирлерди жазып калтырган. Китебинде Оштун абасы таза, аккан суусу көп экендигин, тоонун кырына сөрүлүү имарат салдырганын да камтыган [4145].

Атеисттер 1963-жылы Бабурдун үйүн буздуруп салышкан. Кийин 1991-жылы сакталып калган материалдардын жардамы менен бул тарыхый эстелик кайра калыбына келтирилген. Сулайман тоосунда жогорудагылардан тышкары XVI кылымга таандык Рават-Абдулла хандын мечити жана XVIII кылымга таандык Асаф-ибн-Бурхиянын күмбөзү жайгашкан. Күмбөздүн кире бериши өтө кооз оймо-чиймелер менен кооздолгон [ 1-56].

**Сары–Челек.** Тоскоол, Тоскоол-Ата, Чаткал кыркатоосунун Ат-Ойнок кырка тоосуна такалган жерде Кожо-Ата суусунун алабында жайгашканкөл. Аксы районунун аймагында. Деңиз деңгээлинен 1873 м бийиктикте. Узундугу 7, 5 км, орточо жазылыгы 650 м (эң жазы жери 2280 м), кууш жери 300 м. Аянты 4, 92 км2. Орточо тереңдиги 98 м (эң терең жери 234 м). Тереңдиги боюнча Кыргызстанда 2–орунда(Ысык-Көлдөн кийин). Жээги көбүнчө тик, жардуу, булуң-буйткалуу. Суунун тунуктугу 16 м. Сары-Челек жер титирегенде эбегейсиз зор көчкү өрөөндүн таманын бөгөп калышынан пайда болгон. Ошондуктан көлдүн формасы тоо өрөөнүнүн формасын кайталап узатасынан жатат. Көлгө Сары-Челек суусу куюп (чыгымы жайында 1–3 м3/сек, кышында 0, 6 м3/сек), андан Тоскоол суусу (Кожата суусунун куймасы)агып чыгат(чыгымы жайында 3–4 м3/сек). Көл түбүндөгү тектон жаракалардан булактар чыгат. Эң жогорку деңгээли майдын аягында, эң төмөнкүсү декабрда байкалат да, экөөнүн айырмасы 40–50 смден ашпайт[ 3-89].

Кириш-чыгыш балансынын көлөмү 2 млн м3. Эң жогорку температурасы(19, 8°С) августтун аягында, эң төмөнкүсү(0 °С) февралда байкалат. Түбүнөн кошулган жер астындагы суулардын температурасы 5°Сден төмөн түшпөйт. Суусунун үстүнкү бетинен түбүнө карай минералдык туздардын көбөйүшү (200 мг/л-ден 500 мг/л-ге чейин)мүнөздүү. Негизги аниондору: СОз, SO4, катиондору: Са, Mg; 100 м тереңдиктен кийин күкүрттүү суутектин (H2S)сасык жыты байкалат. Бир литр суудагы минералдуу калдыктардын орточо өлчөмү 280 мг. Көлдү курчаган тоо капталдары палеозойдун акиташ, сланец жана башка чөкмө тектеринен турат. Тоо капталдарында карагай, арча, жаңгак, көк карагай өсөт. Бийик бөлүгүн шалбаа, нивалдык ландшафттар ээлейт. Көлгө бакма каңылтыр жана ондатра коё берилген. Келгин куштар көп. Аймактын кооздугун, табигый шартынын ар түрдүүлүгүн, байлыгын, дүйнөнүн башка жеринде болбогон өсүмдүктөрдүн, айбанаттардын, алардын чарбалык жана илимий жактан баалуулугун эске алып, бул аймактын табиятын мындан ары сактоо үчүн 1959-ж.

Сары-Челек биосфера коругууюшулган. Туризм өнүккөн. **Арстанбап** (өзб. ***Arslonbob****/Арслонбоб*)— Кыргыз Республикасынын Жалалабат облусун Базар-коргон районундагы айыл. Арстанбаб айыл округу составына кирет. Арстанбаб-КыргызстандаБазар-Коргон районундагы курорт жайы. Абасы кислородго бай, 1945-жылдан тартып мамлекеттин коругу болуп саналат. 265 миң гектар жерди дарак ээлейт. Орто эсеп менен жылына үч миң тонна жаңгак, беш миң тонна алма, беш жүз тонна мисте жана башка мивакар жыйнап алынат. Кыштак 1870-жылына чейин негизделген. Калкы 5851 (1986); негизинен токой чулукта эмгектенишет. Орто мектеп, китепкана, клуб, фельдшер-акушердик пункт, амбулатория, Арстанбапка жакын пионер лагерлери бар. Арстанбап табигый кооз аймакта (жапайы жаңгак-жемиш токоюнда) жайгашкан. Кыштактын жанында Арстанбап суусунун сол жээгинде 16—18 кылымдарга таандык күмбөз бар. Күмбөз узун төрт бурчтук түрүндө курулган. Адеп тургузулганда үстү түндүк формасында жабылган болуу керек, бирок кийин ал урап калгандыктан жерг. эл чатырлап жабышкан. Дубалдарына өсүмдүк жалбырактарынын, бутактарынын сүрөттөрү ж. б. оймо-чиймелер түшүрүлгөн. Төрт бурчунда кооздолгон тирөөчтөр бар, эшигинин үстү үч бурчтуу, арка түрүндө жасалган.

Күмбөздүн туурасы 5, 7 м, уз. 9, 9 м. Арстанбап күмбөзү Орто Азия элдеринин байыркы кол өнөрүн үйрөнүүдө кызыктуу архит. эстелик болуп эсептелет. Жылына миңдеген турист жана эс алуучу келет. Жалал-Абад ш. менен автомобиль жолу аркылуу катташат. Арстанбап топоними адабияттарда, карталарда көбүнчө Арсланбоб, кээде Арысланбоб, Асланбоб түрүндө кезигет. VI-XII–кылымдарда Каралыг, Каргалыг, Кара Балыг, Куз Балыг, Куз Ордо, Куз Улуш жана башка намдар менен аталган. Азыркы күндөгү Арсланбоб айылы 739-1212-жылдары Орто Азияда 500 жылга жакын өкүм жургузгон Караханийлар сулаласынын жогорку борбору болуп кызмат кылган. Акыры Баласагун деген атка ээ болгон бул шаар 1300-жылдарга келип тарых китептеринде эске алынбай калган. «Бахрул-Асрор» тарых китебинин жазуучусу XII-кылымда «Баласагун» шаарында 40 та жаме мечети, 200 та мечет, 20 та ханаках болгонун жазып калдырган. Сөөгү ушул жерге коюлган биринчи Арслан (Кара) Каган болгон Арсланбоб Атанын атынан келип чыгып «Арсланбоб» айылы деп аталат[ 3-89].

Азыркы мезгилде Арсланбоб айылынын тегерегинен табылган тыйындар (акчалар), археологиялык табылгалар жана башка буюмдар Турк Каганатына (552-739), Караханийлар Каганатына (739-1212) жана Чынгыз хандарыга (1224-1370) тиешелүү болгондугу менен жогорудагы каганаттардын санжыралардан жана көптөгөн тарых китептеринен алынган маалыматтарды далилдейт.

**Колдонулуучу адабияттар:**


1. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. Ф.: 1977. 56-б.
2. К. Нурмаматова. Табият таануунун негиздери. Ж.: 2017. 70-бет.
3. Борбугулов М. Кыргыз жергеси. Энциклопедия (ЖЕР-СУУ АТТАРЫ). Ф-1990. 89-бет
4. Кыргыз Совет Энциклопедиясы Ф. 1983. 145-бет.
5. Интернет: Видео «Кыргызстандын табияты».


## ОСНОВНЫЕ ПРОБЛЕМЫ И ОСНОВЫ ПСИХОПРОФИЛАКТИКИ СЕКСУАЛЬНОГО НАСИЛИЯ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ В СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСТАНЕ


**Тешебаев Д. З.** Магистрант Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева


В последние годы в нашей стране, по оценкам экспертов, заметно выросло количество преступлений в отношении детей: так, в 2016 году было зафиксировано **862** правонарушения, в 2017 году – **1107**, в 2018 году – уже 1500 преступлений [4]. Даже эти официальные данные, озвученные начальником отдела по противодействию коррупции, надзору за исполнением законов в социальной сфере и защите прав детей Генеральной прокуратуры КР Асланом Атабиевым, говорят нам о том, что за последние два года злодеяния в отношении детей выросли почти в два раза.

При этом отмечается, что усилилась тенденция сексуального насилия в отношении несовершеннолетних. Однако, это лишь официальные данные. На самом деле, по словам правозащитников, данные разнятся и не отражают и половины действительности. До сих пор никто и никогда не делал в масштабах страны серьезного полномасштабного исследования этой проблемы, анализ ситуации на сегодня практически отсутствует. О происходящем известно только ограниченному кругу специалистов, занимающихся этой темой. Более того, ситуацию усугубляет отсутствие анализа и решение определенных форм насилия, присущих именно нашему обществу, таких как: эксплуатация детей, инцесты, кражи малолетних девочек для брачных отношений «кыз ала качуу» (что также может предполагать сексуальную эксплуатацию). Украденная может быть изнасилована, избита, и даже убита как мужем или выброшена на улицу – без вещей, денег с приобретенными в браке ИППП или ВИЧ. Законного подтверждения тому, что она имеет отношение к супругу, нет, так как брак

при краже зачастую заключается только в форме нике, а не в ЗАГСе. Большая часть украденных «невест» боятся обращаться за помощью не только в официальные органы (по данным силовых ведомств, менее 1/4 таких пострадавших обращаются в милицию) [7], но и к своим родственникам, поскольку до сих пор такой поступок считают позором для семьи девушки (общественное мнение – «раз украли – значит, живи и терпи» живет и процветает, плюс мнение «испорченная, разведенная девушка никому не нужна»). Небезосновательно также опасение мести со стороны мужа и его родни. Несмотря на растущее, даже по официальным данным, число жертв насилия, изменение ситуации на государственном уровне практически не ощущается. Хотя в последние годы и были предприняты некоторые шаги. Так, с 2016 года усилена уголовная ответственность за совершение преступлений против жизни, здоровья и неприкосновенности несовершеннолетних до 14 лет со стороны родителей, законных опекунов или лиц, их заменяющих. Также, согласно поправкам 2017 года в УК и УПК КР, любые сексуальные действия по отношению к несовершеннолетним расцениваются как изнасилование, исчезло понятие «обоюдное согласие». Кроме того, ужесточено наказание за половое сношение с лицами, не достигшими 16-летнего возраста. Настоящим достижением можно считать тот факт, что теперь для возбуждения уголовного дела о насилии над несовершеннолетними не требуется заявления их родителей или родственников.

Тем не менее, в законодательстве Кыргызстана в этой сфере, по мнению экспертов, остается еще много проблемных зон. Так, Уголовный Кодекс не содержит четкого понимания таких явлений, как порнография, порнографическая продукция или разрешенная продукция, граничащая с эротической. Это позволяет распространять путем розничных продаж журналы, имеющие порнографический характер, и транслировать после полуночи по кабельным телеканалам видеопродукцию открыто порнографического характера. Там же можно встретить и детскую порнографию.

Однако, несмотря на некоторое улучшение правовой базы, большой проблемой является их практическое исполнение. Так, правозащитники трубят о частых отказах милиционеров, особенно в отдаленных от столицы районах, фиксировать и расследовать случаи насилия в семье. С другой стороны, даже возбужденные уголовные дела по насилию в отношении молодых девушек, детей сегодня могут быть прекращены по встречному заявлению за примирением сторон. В этом случае, в силу вступает фактор кумовства или коррупции, или же пострадавшие вынуждены под давлением идти на примирение. Далее собственно прекращается любое разбирательство.

Но все же главным препятствием решения этой проблемы, на наш взгляд, остается наш менталитет. Менталитет у нас таков, что рассказать о сексуальном насилии у нас в стране сегодня – стыдно. Даже если пострадавший – ребенок. Казалось бы, насилие в отношении женщин и детей характерно больше регионам страны в силу их меньших возможностей защитить себя и свои права. Однако и в столице, где расположено большинство кризисных центров, правозащитных организаций, оказывающих психологическую помощь, юридическую консультацию, кров на время, ситуация сравнительно непростая. И здесь жертвы, как правило, опасаются обращаться за помощью, не только в милицию, но и в медучреждения, кризисные центры к психологам, которые помогут пережить произошедшее. Женщины и девушки боятся, что реакцией со стороны правоохранителей и общества будет вывод: «сама виновата». Да и родные и близкие могут оттолкнуть – по этой же причине, так как факт насилия, особенно сексуального, часто становится поводом «клейма на всю жизнь». Поэтому молчание становится спасительным выходом, несмотря на то что жертва, не имея возможности высказаться, не веря в наказание насильника и не найдя должной поддержки, испытывает колоссальный стресс, который потом приводит к различным негативным последствиям, разрушающим ее жизнь.

На самом-то деле все это также является следствием отсутствия в регионах профессиональных опытных психологов и социальных работников. По мнению координатора филиала ОФ «SOS-Детские деревни Кыргызстана» З. Ниязалиевой,

«необходимо усилить в регионах работу таких отделов, набирать и обучать профессионалов. Нужно также увеличивать ставки социальных работников в регионах. Недавно был случай в с. Семеновка Иссык-Кульской области, где на все село работает один социальный сотрудник. К нам поступила девочка в очень тяжелом состоянии. Сейчас она реабилитирована, но чтобы устранить последствия душевной травмы с ней, пришлось очень долго работать психологам и психиатрам. Считается, что сексуального насилия у нас в селах нет. Но ведь оно есть практически повсеместно!» [2].

Серьезной проблемой остается также отсутствие среди представителей правоохранительных органов подготовленных специалистов, способных опросить пострадавших малышей, не причинив им дополнительной боли. По словам представителя для стран СНГ Международной организации «ЭКПАТ»[1] Ольги Швед, нельзя замалчивать проблему интервьюирования пострадавших детей. К сожалению, сегодня в Кыргызстане (как, впрочем, и во всем СНГ) не хватает детских психологов, работающих в системе МВД или же милиционеров, являющихся по совместительству детскими психологами. Сегодня никто не думает о том, что допрос может травмировать ребенка. Допросы проводят еще и еще раз, вместо того, чтобы однократно записать диалог на видео и использовать потом в суде. «Никто не думает и о том, что малыша нельзя ставить во время судебного процесса напротив его же насильника. Жертва закрывается, не отвечает на вопросы, не говорит правду, плачет, испытывая сильнейший шок. У нас был случай, когда девочка просто потеряла сознание, увидев насильника в суде» [2].

Кыргызстану стоило бы перенять опыт европейских стран, где в полиции существует целая система обучения сотрудников, призванных в будущем работать с детьми. На специальных курсах полицейских учат создавать пострадавшим дружественную атмосферу, условия, при которых жертвы насилия спокойно чувствуют себя и не боятся рассказать о том, что произошло.

Пока же самым парадоксальным в нашем обществе является то, что есть недоверие к самим потерпевшим. Люди считают, что жертвы сами становятся провокаторами насилия (непотребное поведение, вызывающая одежда, например). Это, несомненно, также глубокая ошибка. В октябре 2018 года студентка Международного университета в Центральной Азии Айсулуу Жолдошова в стенах своего вуза организовала выставку «Во что ты была одета?»[3], в рамках которой показала, какую одежду носили люди, пережившие изнасилование. Это обычные футболки, джинсы, детские платья.

Однако публично обсуждать подобного рода проблемы в нашем обществе не принято. Поднять проблему сексуального насилия, когда для многих эта тема табу, довольно сложно. Это подтверждает и Айсылуу Жолдошова. Несомненно, необходимо ломать существующие ныне в обществе стереотипы.

Систематическое освещение в СМИ проблемы насилия над детьми с целью воздействия на общественное мнение и трансформации стереотипов воспитания является одной из ключевых составляющих профилактики сексуального насилия. Никто не станет оспаривать тот факт, что гораздо лучше предотвратить сексуальное насилие в отношении ребенка, чем решать уже существующую проблему. Так, ОФ «Центр исследования демократических процессов» в Кыргызстане [6] разработал видеоклип в мультипликационной форме – рассказ о девочке Айнуре, которая узнала о проблеме сексуального насилия в отношении детей, к кому можно обратиться за помощью в случае угрозы или совершения сексуального насилия, а также получила несколько важных советов о том, как не стать жертвой такого насилия. Видео размещено также на канале «YouTube» (https: //www. youtube. com/watch?v=LdPx9Eo2m34).

Тем не менее, защита детей от сексуального насилия – одна из главных задач именно родителей. В идеале родителям необходимо поддерживать со своими детьми доверительные

[1]Международная организация ЭКПАТ – это Всемирная сеть организаций гражданского общества, работающие вместе с целью искоренения детской проституции, детской порнографии и торговли детьми в сексуальных целях. Сеть стремится к тому, чтобы дети по всему миру могли реализовать свои фундаментальные права быть свободными и защищенными от всех форм коммерческой сексуальной эксплуатации.

